М. СУЛТАНБАЕВ

АЛГЕБРА

БОЮНЧА МААЛЫМДАМА

πрад=180°

$$\mathrm{Sin}^2\alpha+\mathrm{Cos}^2\alpha = 1$$

$$S_n=\frac{a_1+a_n}{2}\cdot n$$

УДК: 33
ББК: 22,1 Кырг.
С–49.

Рецензенттер: ***К. С. Алыбаев*** – физика-математика илимдеринин доктору, профессор;
Е. Е. Син – педагогика илимдеринин доктору, профессор;
К. Ө. Самсалиева – КББАнын табигый-математикалык лабораториясынын илимий кызматкери.

КББАнын окумуштуулар кеңешинин 2016-жылдын 30-ноябрь №10 жыйынынын токтомунда бекитилген.

Султанбаев Маданбек.
С–49 **Алгебра.** Маалымдама. *9-класс.* – Б.: 2017. 168 б.

ISBN 978-9967-

Бул «Алгебра боюнча маалымдама» китеби, жалпы билим берүүчү орто мектептердин окуучуларына жана жаш математика мугалимдерине колдонмо катары арналат.

Китепте ар түрдүү татаалдыктагы маселе-мисалдар чыгарылыштары менен берилген. Бул, окуучулардын өз алдынча билимин өркүндөтүүгө өбөлгө түзөт.

ISBN 978-9967-

Кириш сөз

Кымбаттуу окуучулар! Бул «Алгебра боюнча маалымдама» китеби жалпы билим берүүчү орто мектептердин 9-классынын математика курсунун программалык материалдарына негизделип түзүлдү.

Китепте квадраттык функция, квадраттык теңдемелер, теңдемелер системалары, арифметикалык жана геометриялык-поргрессиялар, рационалдык көрсөткүчтүү даража жана тригонометриянын элементеринен аныктамалар, эрежелер, формулалар кыскача түрдө баяндалды.

Теориялык алган билимди практика жүзүндө көнүгүүлөрдү аткарууда колдоно билүүгө карата ар түрдүү татаалдыктагы мисалдардын, маселелердин чыгарылыштары берилди.

Бул маалымдама окуучунун китеп менен өз алдынча иштеп, математика боюнча билимин өркүндөтүүсүнө шарт түзүү менен бирге, негизги (9-жылдык) мектептин математика курсу боюнча бүтүрүү экзаменине даярданууга берилген тапшырмаларды аткарууда бир топ жеңилдиктерди жаратат.

Силерге илим-билим жолунда ак жол, албан-албан ийгилик каалайм.

Автор.

Китеп боюнча ойлорду жана сын-пикирлерди
«Кут-Билим сабак» гезитине бериңиздер.
Байланыш телефон: **0554 44 06 28.**

I глава. Квадраттык функция

1.1. Функция, функциянын аныкталуу областы жана маанилеринин областы

Аныктама

Эгерде x өзгөрмөсүнүн аныкталуу областынан алынган каалаган маанисине берилген эреже аркылуу $y=f(x)$ сан туура келсе, анда y өзгөрүлмөсү x өзгөрүлмөсүнүн функциясы деп аталат.

Мында x – көз каранды эмес чондук же аргумент деп аталат. y– көз каранды өзгөрмө деп аталат.

$y=f(x)$ функциясы мааниге ээ боло турган x өзгөрмөсүнүн маанилеринин көптүгү функциянын аныкталуу областы деп аталат.

y өзгөрмөсүнүн кабыл алган маанилеринин көптүгү функциянын маанилеринин областы деп аталат.

1-мисал. $f(x) = 5x^2 - 2x + 7$ функциясынын аныкталуу областын тапкыла.

Чыгаруу: $5x^2 - 2x + 7$ туюнтмасы бүтүн туюнтма болгондуктан, каалаган x саны үчүн мааниге ээ болот. Функция бардык x үчүн аныкталат.

Жообу: $D(f)=R$.

2-мисал. Функциялардын аныкталуу областын тапкыла.

а) $f(x) = \frac{x-7}{x+5}$; $f(x) = \sqrt{\frac{x+2}{x-3}}$;

Чыгаруу: а) $\frac{x-7}{x+5}$ туюнтмасы бөлчөктүн бөлүмү $x + 5 \neq 0$ болгондо мааниге ээ болот. Демек $x \neq -5$ болгондо функция аныкталат.

Жообу: $x \neq -5$. –5 тен башка бардык сандар.

б) $\sqrt{\frac{x+2}{x-3}}$ туюнтмасы $\frac{x+2}{x-3} \geq 0$ болгондо мааниге ээ болот. Бул барабарсыздыкты чыгарсак, $x \leq -3$, $x > 3$ болот.

Жообу: $(-\infty;\ -3] \cup (3;\ +\infty)$.

3-мисал. Функция $f(x) = 2x^2 + 7x - 4$ формуласы менен берилген.

а) $f(-3)$; б) $f(-0{,}5)$; в) $f(0)$; г) $f\left(\frac{1}{4}\right)$ди тапкыла.

Чыгаруу: x тин берилген маанилерин формулага коюп, эсептөө жүргүзөбүз.

а) $f(-3) = 2(-3)^2 + 7(-3) - 4 = 18 - 21 - 4 = -7$;

б) $f(-0{,}5) = 2(-0{,}5)^2 + 7(-0{,}5) - 4 = 2 \cdot 0{,}25 - 3{,}5 - 4 = = -7$;

в) $f(0) = 2 \cdot 0^2 + 7 \cdot 0 - 4 = -4$;

г) $f\left(\frac{1}{4}\right) = 2 \cdot (\frac{1}{4})^2 + 7 \cdot \left(\frac{1}{4}\right) - 4 = 2\frac{1}{16} + 7\frac{1}{4} - 4 = \frac{1}{8} + 1\frac{3}{4} - 4 = = 1\frac{7}{8} - 4 = -2\frac{1}{8}$.

4-мисал. Эгер: а) $f(x) = 5x - 17$

б) $f(x) = x^2 - x - 12$ болсо, $f(x) = -6$ болгондогу x тин маанисин тапкыла.

Чыгаруу:

а) $5x - 17 = -6$

$5x = -6 + 17$

$5x = 11$

$x = \frac{11}{5} = 2\frac{1}{5}$

б) $x^2 - x - 12 = -6$

$x^2 - x - 6 = 0$

$D = (-1)^2 - 4(-6) = 1 + 24 = 25$

$x_{1/2} = \frac{1 \pm \sqrt{25}}{2} = \frac{1 \pm 5}{2}$

$x_1 = \frac{1+5}{2} = \frac{6}{2} = 3$

$x_2 = \frac{1-5}{2} = \frac{-4}{2} = -2$

1.2. Функциянын нөлү
Өсүүчү жана кемүүчү функциялар
1-аныктама

Функциянын маанисин нөлгө айландыруучу аргументтин маанилери функциянын нөлдөрү деп аталат.

2-аныктама

Эгерде кандайдыр бир аралыктан алынган аргументтин чоң маанисине функциянын да чоң мааниси туура келсе, анда ал аралыкта функция өсүүчү деп аталат. Эгерде аргыменттин чоң маанисине функциянын кичине мааниси туура келсе, анда ал аралыкта функция кемүүчү деп аталат. Б.а. берилген аралыкта $x_1 > x_2$ болгондо $f(x_1) > f(x_2)$болсо, $f(x)$функциясы өсүүчү, $x_1 > x_2$ болгондо $f(x_1) < f(x_2)$болсо, $f(x)$функциясы кемүүчү болот.

1-мисал. Фукциялардын нөлдөрүн тапкыла.

а) y=3x–15; б) $y=\frac{x^2+5}{x^2+3}$; в) $y=\frac{12}{(x-7)(x+1)}$; г)$y=\frac{x^2-9}{x+2}$.

Чыгаруу: а) y=3x–15функциясынын нөлдөрүн табуу үчүн 3x–15=0 теңдемесин чыгарабыз

3x=15

x=15:3

x=5. демек x=5 бул функциянын нөлү болот.

б) $y=\frac{x^2+5}{x^2+3}$; $x^2 + 5 = 0$ бул теңдеменин тамырмалары жок. Ошондуктан бул функциянын нөлү жок.

в) $y=\frac{12}{(x-7)(x+1)}$; $\frac{12}{(x-7)(x+1)} = 0$ теңдемеси чыгарылышка ээ эмес, ошондуктан анын нөлү жок.

г) $y=\frac{x^2-9}{x+2}$; $x^2 - 9 = 0$

(x–3)(x+3)

x–3=0 x=3

x+3=0 x=–3.

Бул функциянын нөлдөрү x=3 жана x=–3.

2-мисал. Функциялардын өсүү, кемүү аралыктарын тапкыла.

а) y= 5x–3; в) $y = x^2$;

б) y= –2x+7;г) y=(3–x)^2

Чыгаруу: а) y=5x–3 функциясы бардык сан огунда өсүүчү болот.

б) y=–2x+7 бул функциянын бурчтук коэффициенти k=–2 терс сан, ошондуктан функция бардык сан огунда кемүүчү болот.

в)$y = x^2$функциясы $x \leq 0$ болгондо, б.а. (–∞; 0] аралыгында кемийт, x≥ 0 болгондо, б.а. [0;+ ∞) аралыгында өсөт.

г) y=(3–x)^2 функциясы x≤ 3 б.а. (–∞; 3] аралыгында кемийт, x≥3 б.а. [3;+ ∞) аралыгында өсөт.

1.3. Жуп жана так функциялар

Аныктама

Эгерде функциянын областынан алынган ар бир х саны үчүн:

1) $f(-x) = f(x)$ барабардыгы аткарылса, анда $f(x)$ функциясы жуп функция деп аталат.

2)$f(-x) = -f(x)$ барабардыгы аткарылса, анда *f(x)* функциясы так функция деп аталат.

1-мисал. y=x^2 жана y=$\frac{1}{x^6}$функциялары жуп функциялар, анткени $(-x)^2 = x^2$ жана $\frac{1}{(-x)^6} = \frac{1}{x^6}$; мында $x \neq 0$.

2-мисал. $y = x^3$ жана y=$\frac{1}{x^7}$функциялары так функциялар, анткени $(-x)^3 = -x^3$жана $\frac{1}{(-7)^7} = -\frac{1}{x^7}$, мында $x \neq 0$.

Жуп функцияларынын графиги ордината огуна карата симметриялуу болот(1-сүрөт).



1-сүрөт



2-сүрөт

Так функциянын графиги координаталар башталышына карата симметриялуу болот (2-сүрөт).

y=ax+b түрүндөгү сызыктуу функциялар жуп да,так да болбойт.

1.1.– 1.3. Көнүгүүлөр үчүн тапшырмалар

1. а) $f(x)=7x+2$; в) $f(x)=\frac{3x}{(x-5)(x+2)}$;

б) $f(x)=2x^2+5x+1$; г) $f(x)=2x+\frac{9}{x}-4$.

Чыгаруу:

а) жана б) $7x+2$ жана $2x^2-5x+1$ функциялары бүтүн туюнт–малар. Ошондуктан $f(x)=7x+2$ жана $f(x)=2x^2-5x+1$ функцияларынын аныкталуу областы бардык анык сандар.

в) $\frac{3x}{(x-5)(x+2)}$ бөлчөктүү туюнтмасы $x=5$ жана $x=-2$ болгондо мааниге ээ болот.

Демек $f(x)=2x+\frac{3x}{(x-5)(x+2)}$ функцияларынын аныкталуу облас-ты $x=5$ жана $x=-2$ сандарынан башка бардык анык сандар.

г) $f(x)=2x+\frac{9}{x}-4$функцияларынын аныкталуу $x=0$ санынан башка бардык анык сандар.

2. Төмөндөгү функциялардын нөлдөрүн, өсүү, кемүү ара-лыктарын тапкыла.

а) $y=-5x+3$, в) $y=(7-x)^2$

б) $y=x^2+5$ г) $y=(1+x)^2$

Чыгаруу: а) $y=-5x+3$ функциясынын нөлдөрүн табуу үчүн

$-5x=-3$теңдемени чыгарабыз.

$x=-3:(-5)$ $x=0{,}6$демек 0,6 саны бул функциясынын нөлү болот.

$y=-5x+3$ функциясынын бурчтук коэффициенти $k=-5$ терс сан, ошондуктан функция бүткүл сан огунда кемүүчү болот.

б) $y=x^2+5$ функциясынын нөлдөрүн табуу үчүн $x^2+5=$ $=0$ теңдемесин чыгарабыз. Бул теңдеме чыгарылышка ээ болбойт. Демек $y=x^2+5$ функциясынын нөлдөрү жок.

$y=x^2+5$ функциясы $(-\infty;0]$ аралыгында кемийт $[0;+\infty)$ аралыгында өсот.

в) $y=(7-x)^2$функциясынын нөлдөрүн табуу үчүн $7-x=0$ теңдемесин чыгарабыз.

$-x=-7$

$x=7$ демек $x=7$ бул функциянын нөлү болот $y=(7-x)^2$ функциясы $x\leq 7$, б. а. $(-\infty;7)$ аралыгында кемийт, $x\geq 7$, б. а. $[7;+\infty)$ аралыгында өсөт.

б) $y(1+x)^2$ функциясынын нөлү х=–1 болот$y = (1+x)^2$ функциясы $x \leq -1, б. а. (-\infty; -1]$ аралыгында кемийт, $x \geq -1$, б. а. $[-1; +\infty)$ аралыгында өсөт.

3. Төмөнкү функциянын жуп же так экендигин аныктагыла.

а) $y=2x^6$ б) $y=3x^2-5$ в) $y=3x^3$ г) $y=x^{-5}$.

Чыгаруу: а) $y=2x^6$ бул функциянын жуп же тактыгын аныктоо үчүн аргументин карама-каршы маанилеринде функциянын маанилерин эсептейбиз.

$x=2$ болсун, анда $y=2 \cdot 2^6 = 2 \cdot 64 = 128$

$x=-2$ болсун, анда $y=2 \cdot (-2)^6 = 2 \cdot 64 = 128$

Аргументин карама-каршы маанилеринде функциянын маанилери барабар. Демек $y=2 \cdot x^6$функциясы жуп фунция болот.

б) $y=3x^2-5$, $x=4$ жана $x=-4$ манилеринде функциянын маанилерин эсептейбиз.

$y=3 \cdot 4^2 - 5 = 3 \cdot 16 - 5 = 48 - 5 = 43$

$y=3 \cdot (-4)^2 - 5 = 3 \cdot 16 - 5 = 48 - 5 = 43$демек $y=3x^2-5$ функциясы жуп функция.

в) $y=3x^3 - 2x^5$, $x=1$ жана $x=-1$ маанилеринде функциянын маанилерин эсептейбиз.

$y=3 \cdot 1^3 - 2 \cdot 1^5 = 3 \cdot 1 - 2 \cdot 1 = 3 - 2 = 1$

$y=3 \cdot (-1)^3 - 2 \cdot (-1)^5 = 3 \cdot (-1) - 2 \cdot (-1) = -3 + 2 = -1.$

Демек бул функция так функция болот.

г) $y=x^{-5}$функциясын $y=\frac{1}{x^5}$ деп алабыз $x=2$, $x=-2$ маанилеринде функциянын маанилерин эсептейбиз.

$y=\frac{1}{2^5} = \frac{1}{32}$; $y=\frac{1}{(-2)^5} = \frac{1}{-32}$демек $y=x^{-5}$ функциясы так функция.

4. $y=\frac{x^4+x-3}{x+5}$ функциясынын жуп да эмес жана так да эмес экендигин көрсөткүлө.

Чыгаруу: Аргументин $x=2$ жана $x=-2$ маанилеринде функциянын маанилерин эсептейбиз.

$y=\frac{2^4+2-3}{2+5} = \frac{16+2-3}{7} = \frac{15}{7}$; $y=\frac{(-2)^4+(-2)-3}{-2+5} = \frac{16-2-3}{3} = \frac{11}{3}$;

Функциянын жуп же так болуу шарттары аткарылган жок. Демек бул функция жуп да, так да эмес.

1.4. Квадраттык функциянын жана квадраттык үч мүчөнүн аныктамалары

1-аныктама.

$y=ax^2+bx+c$ түрүндөгү функция квадраттык функция деп аталат.

2-аныктама.

$y=ax^2+bx+c$ квадраттык функциянын нөлү деп, ал функциянын мааниси нөлгө барабар болгондогу x өзгөрмөсүнүн мааниси аталат.

3-аныктама.

ax^2+bx+c түрүндөгү көп мүчө квадраттык үч мүчө деп аталат.

4-аныктама. ax^2+bx+c квадраттык үч мүчөсүнүн тамыры деп, ал үч мүчөнүн мааниси нөлгө барабар болгондогу x өзгөрмөсүнүн мааниси аталат.

1-мисал. $y=x^2-5x+6$ квадраттык функциясынын нөлдөрүн тапкыла.

Чыгаруу: Бул функциянын нөлдөрүн табуу үчүн x^2-5x+ $+6=0$ квадраттык теңдемесин чыгаруубуз керек.

$D=25-4\cdot6=25-24=1$ $\quad x_{1/2}=\frac{5\pm\sqrt{1}}{2}=\frac{5\pm1}{2};x_1=\frac{5+1}{2}=\frac{6}{2}=3;$ $x_2=\frac{5-1}{2}=\frac{4}{2}=2$ демек $x_1=3$ жана $x_2=2$ сандары $y=x^2-5x+$ $+6$ функциясынын нөлдөрү болот.

2-мисал. x^2-3x-4 квадраттык үч мүчөсүнүн тамырларын тапкыла.

Чыгаруу: x^2-3x-4 квадраттык үч мүчөсүнүн тамырларын табуу үчүн $x^2-3x-4=0$ квадраттык теңдемесин чыгарабыз.

$D=(-3)^2-4\cdot(-4)=9+16=25 x_{1,2}=\frac{3\pm\sqrt{25}}{2}=\frac{3\pm5}{2};$

$x_1=\frac{3+5}{2}=\frac{8}{2}=4,\quad x_2=\frac{3-5}{2}=\frac{-2}{2}=-1.$

Демек $x_1=4$ жана $x_2=-1$ сандары x^2-3x-4 квадраттык үч мүчөсүнүн тамырлары болот.

3-мисал. -2; 3; $\sqrt{5}$ сандарынын кайсылары төмөндө берилген квадраттык үч мүчөнүн тамырлары болот.

а) $x^2 - 3x$; б) $2x^2 + 4x$; в) $x^2 - 5$; г) $x^2 - x - 6$.

Чыгаруу: а) x өзгөрмөсүнүн -2; 3; $\sqrt{5}$ маанилери боюнча $x^2 - 3x$ үч мүчөсүнүн маанилеринэсептейбиз.

$x = -2$; $2^2 - 3 \cdot (-2) = 4 + 6 = 10$; демек $x=-2$ тамыр болбойт.

$x = 3$; $3^2 - 3 \cdot 3 = 9 - 9 = 0$; демек $x=3$ тамыр болот.

$x = \sqrt{5}$. $(\sqrt{5})^2 - 3 \cdot \sqrt{5} = 5 - 3\sqrt{5}$; демек $x=5$ тамыр болбойт.

б) $x = -2$; $2 \cdot (-2)^2 + 4 \cdot (-2) = 8 - 8 = 0$ демек $x=-2$ тамыр болот.

$x = 3$; $2 \cdot 3^2 + 4 \cdot 3 = 18 + 12 = 30$; демек $x=3$ тамыр болбойт.

$x = \sqrt{5}$; $2 \cdot (\sqrt{5})^2 + 4 \cdot \sqrt{5} = 10 + 4\sqrt{5}$; демек $x = \sqrt{5}$ тамыр болбойт.

в) $x = -2$;$(-2)^2 - 5 = 4 - 5 = -1$, демек $x=-2$ тамыр болбойт.

$x = 3$; $3^2 - 5 = 9 - 5 = 4$, демек $x=3$ тамыр болбойт.

$x=\sqrt{5}$; $(\sqrt{5})^2 - 5 = 5 - 5 = 0$ демек $x=\sqrt{5}$ тамыр болот.

г) $x=-2$; $(-2)^2 - (-2) - 6 = 4 + 2 - 6 = 0$ демек $x=-2$ тамыр болот.

$x=3$; $3^2 - 3 - 6 = 9 - 9 = 0$ демек $x=3$ тамыр болот.

$x=\sqrt{5}$; $(\sqrt{5})^2 - \sqrt{5} - 6 = 5 - \sqrt{5} - 6 = -\sqrt{5} - 1$ демек $x=\sqrt{5}$тамыр болбойт.

4-мисал. Квадраттык функциянын нөлдөрүн тапкыла.

а) $y=x^2 - 9x$; в) $y=x^2 - 6x + 5$;

б) $y=x^2 + 25$; г) $y=5x^2 + 6x + 17$.

Чыгаруу: а) $y=x^2 - 9x$ квадраттык функциясынын нөлдөрүн табуу үчүн

$x^2 - 9x = 0$ квадраттык теңдемесинин тамырын табабыз.

$x(x-9)=0$

$x=0$

$x-9=0$

$x=9$ демек $y=x^2 - 9x$ функциясынын нөлдөрү $x=0$ жана $x=9$ сандары болот.

б) $y=x^2+25$. б) $x^2+25=0$ теңдемесинин тамырын табабыз: $x^2=-25$ бул теңдеменин тамыры жок. Демек $y=x^2+25$ функциясынын нөлү жок.

в) $y=x^2-6x+5$, $x^2-6x+5=0$ квадраттык теңдемесин чыгарабыз.

$D=(-6)^2-4\cdot(5)=36-20=16$

$x_{1/2}=\frac{6\pm\sqrt{16}}{2}=\frac{6\pm4}{2}$; $x_1=\frac{6+4}{2}=\frac{10}{2}=5$; $x_2=\frac{6-4}{2}=\frac{2}{2}=1$

Демек, $x=5$; $x=1$ сандары $y=x^2-6x+5$ квадраттык функциясынын нөлдөрү болот.

в) $y=5x^2+6x+17$.

$5x^2+6x+17=0$. $D=36-4\cdot5\cdot17=36-340=-304$ $D<0$ ошондуктан бул теңдеме чечимге ээ болбойт.

Демек, $y=5x^2+6x+17$ квадраттык функциясынын нөлдөрү жок.

1.5. Квадраттык үч мүчөнү көбөйтүүлөргө ажыратуу

1-теорема. Эгерде ax^2+bx+c квадраттык үч мүчөнүн тамырлары x, жана x_2 болсо, анда $ax^2+bx+c=a(x-x)$, $(x-x_2)$ болот.

2-теорема. Эгерде ax^2+bx+c квадраттык үч мүчөсү тамырларга ээ болбосо б.а. $D=b^2-4ac<0$ болсо, анда ax^2+bx+c квадраттык үч мүчөсү көбөйтүүлөргө ажырабайт.

1-мисал. $3x^2+8x+5$квадраттык үч мүчөсүн көбөйтүүчүлөргө ажыраткыла.

Чыгаруу: $3x^2+8x+5=0$ квадраттык теңдемени чыгарабыз.

$$D=64-4\cdot3\cdot5=64-60=4$$

$$x_{1,2}=\frac{-8\pm\sqrt{4}}{6}=\frac{-8\pm2}{6};$$

$$x_1=\frac{-8+2}{6}=\frac{-6}{6}=-1; \qquad x_2=\frac{-8-2}{6}=\frac{-10}{6}=-\frac{5}{3}$$

Демек, $3x^2+8x+5=3(x+1)(x+\frac{5}{3})$ болот.

2-мисал. $4x^2-5x+2$ квадраттык үч мүчөсүн көбөйтүүчүлөргө ажыраткыла.

Чыгаруу: $4x^2-5x+2=0$ квадраттык теңдемесин чыгарабыз.

$D-(-5)^2-4\cdot4\cdot2=25-32=-7$

Демек, D<0, Квадраттык теңдеменин анык тамырлары жок.

2-теореманын негизинде $4x^2-5x+2$ квадраттык үч мүчөөсү көбөйтүүчүлөргө ажырабайт.

3-мисал. Төмөндөгү үч мүчөдөн эки мүчөнүн квадратын бөлүп алгыла.

а) $3x^2+18x+25$; б) $2x^2-8x+11$.

Чыгаруу: x^2тын коэффициентин кашаанын сыртына чыгарабыз.

$3x^2+18x+25=3(x^2+6x+\frac{25}{3})=$

$=3(x^2+2\cdot 3\cdot x+9-9+\frac{25}{3})=3((x+3)^2-\frac{2}{3})=3(x+3)^2-2.$

б) $2x^2-8x+11=2(x^2-4x+4-4+\frac{11}{2})=2\left(x^2-2\cdot 2\cdot x+4+\frac{3}{2}\right)=$

$=2(x-2)^2+3.$

1.4.–1.5. Көнүгүүлөр үчүн тапшырма

5) Квадраттык үч мүчөнүнтамырларын тапкыла.

а) $x^2-2x-15$ в) $3x^2-8x+5$

б) $4x^2 -- 3x-1$ г) $-4x^2-2x-0{,}25$

Чыгаруу: а) $x^2-2x-15$ квадраттык үч мүчөсүнүн тамырларын табуу үчүн $x^2-2x-15=0$ квадраттык теңдемесин чыгаруу керек.

$D=(-2)^2-4\cdot(-15)=4+60=64$

$x_{1/2}=\frac{2\pm\sqrt{64}}{2}=\frac{2\pm 8}{2}; x_1=\frac{2+8}{2}=\frac{10}{2}=5; x_2=\frac{2-8}{2}=\frac{-6}{2}=-3.$

Демек, бул үч мүчөнүн тамырлары $x_1=5$, $x_2=-3$ сандары болот.

б) **Чыгаруу:** $4x^2-3x-1=0$ квадраттык теңдемесин чыгарабыз.

$D=(-3)^2-4\cdot 4\cdot(-1)=9+16=25$

$$x_{\frac{1}{2}}=\frac{3\pm\sqrt{25}}{8}=\frac{3\pm 5}{8};\ x_1=\frac{3+5}{8}=\frac{8}{8}=1x_2=$$

$$=\frac{3-5}{8}=\frac{-2}{8}=\frac{-1}{4}$$

Демек, $4x^2-3x-1$ үч мүчөсүнүн тамырлары x_1=1, x_2=$-\frac{1}{4}$сандары болот.

в) **Чыгаруу:** $3x^2-8x+5=0$ квадраттык теңдемесин чыгарабыз.

D=$(-8)^2-4\cdot3\cdot5=64-60=4$

$x_{1/2}=\frac{8\pm\sqrt{4}}{6}=\frac{8\pm2}{6};\ x_1=\frac{8+2}{6}=\frac{10}{6}=\frac{5}{3};x_2=\frac{8-2}{6}=\frac{6}{6}=1.$

Демек , $x_1=\frac{5}{3}$ жана $x_2=1$ сандары $3x^2-8x+5$ квадраттык үч мүчөнүн тамырлары болот.

г) $-4x^2-2x-0{,}25=0$ квадраттык теңдемесин чыгарабыз.

D=$(-2)^2-4\cdot(-4)\cdot(-0{,}25)=4-4=0$

$$x_{1/2}=\frac{2\pm\sqrt{0}}{-8}=-\frac{1}{4};$$

Демек , $-4x^2-2x-0{,}25$ квадраттык үч мүчөсүнүн тамырлары $x_1=-\frac{1}{4}$ жана $x_2=-\frac{1}{4}$ сандары болот.

6. Квадраттык функциянын нөлдөрүн тапкыла.

а) $y=2x^2-3x-2$; б) $y=x^2+7x$;

в) $y=7x^2-3x+2$; г)$y=x^2-x-12$.

Чыгаруу: а) $y=2x^2-3x-2$ квадраттык функциясынын нөлдөрүн табуу үчүн $2x^2-3x-2=0$ квадраттык теңдемесин чыгарабыз.

D=$(-3)^2-4\cdot2\cdot(-2)=9+16=25$

$x_{1/2}=\frac{3\pm\sqrt{25}}{4}=\frac{3\pm5}{4};\ x_1=\frac{3+5}{4}=\frac{8}{4}=2;x_2=\frac{3-5}{4}=\frac{-2}{4}=-\frac{1}{2}.$

Демек , бул функциянын нөлдөрү $x_1=2$ жана $x_2=-\frac{1}{2}$ сандары.

б) $y=x^2+7x$ бул функциянын нөлдөрүн табуу үчүн $x^2+7x=0$ квадраттык теңдемесин чыгарабыз.

$$x(x+7)=0$$

$$x=0,\qquad x+7=0\Rightarrow x=-7$$

Демек , $x_1 = 0$ жана $x_2 = -7$ сандары $y = x^2 + 7x$ функциясынын нөлдөрү болот.

в) $y = 7x^2 - 3x + 2$бул функциянын нөлдөрүн табуу үчүн $7x^2 - 3x + 2 = 0$ квадраттык теңдемесин чыгарабыз.

$$D = (-3)^2 - 4 \cdot 7 \cdot 2 = 9 - 56 = -47$$

$D < 0$ болгондуктан бул квадраттык теңдеменин тамырлары жок. Демек $y = 7x^2 - 3x + 2$ функциясынын нөлдөрү болбойт.

г)$y = x^2 - x - 12$ функциясынын нөлдөрүн табуу үчүн $x^2 - x - 12 = 0$ квадраттык теңдемесин чыгарабыз.

$$D = (-1)^2 - 4 \cdot (-12) = 1 - 48 = 49$$

$$x_{1/2} = \frac{1 \pm \sqrt{49}}{2} = \frac{1 \pm 7}{2};\ x_1 = \frac{1+7}{2} = \frac{8}{2} = 4; x_2 = \frac{1-7}{2} = \frac{-6}{2} = -3.$$

Демек , бул функциянын нөлдөрү $x_1 = 4$ жана $x_2 = -3$ сандары болот.

7. Төмөнкү үч мүчөдөн эки мүчөнүн квадратын бөлүп алгыла.

а) $x^2 - 10x + 15$; б) $\frac{1}{6}x^2 - x + 3$;

в) $5x^2 + 40x + 73$; г) $3x^2 - 30x + 77$.

Чыгаруу:

а) $x^2 - 10x + 15 = x^2 - 2 \cdot 5x + 25 - 25 + 15 =$

$$= (x - 5)^2 - 10$$

б) x^2тын коэффициентин кашаанын сыртына чыгарып алабыз.

$$\frac{1}{6}x^2 - x + 3 = \frac{1}{6}(x^2 - 6x + 18) = \frac{1}{6}(x^2 - 2 \cdot 3x + 9 + 9) =$$

$$= \frac{1}{6}(x - 3)^2 + \frac{3}{2}$$

в) x^2тын көбөйтүүчүсүн кашаанын сыртына чыгарабыз. $5x^2 + 40x + 73 = 5(x^2 + 8x + \frac{73}{5}) = 5(x^2 + 2 \cdot 4x + 16 - 16 +$ $+ \frac{73}{5}) = 5((x + 4)^2 - 1\frac{2}{5}) = 5(x + 4)^2 - 7;$

г) $3x^2-30x+77=3(x^2-10x+\frac{77}{3})=3(x^2-2\cdot5x+25-$
$-25+\frac{77}{3})=3\left((x-5)^2+\frac{2}{3}\right)=3(x-5)^2+2.$

8. Квадраттык үч мүчөнү көбөйтүүчүлөргө ажыраткыла.
а) $y^2-8y+15$; б) $2x^2+5x-1$;
в) $-4x^2+7x-6$; г) $3x^2-2x-5$.

Чыгаруу: а) $y^2-8y+15=0$ теңдемесин чыгарып, үч мүчөнүн тамырларын табабыз.

$$D=(-8)^2-4\cdot1\cdot15=64-60=4$$

$y_{1/2}=\frac{8\pm\sqrt{4}}{2}=\frac{8\pm2}{2}$; $y_1=\frac{8+2}{2}=\frac{10}{2}=5$; $y_2=\frac{8-2}{2}=\frac{6}{2}=3.$
Демек, 1-теорема боюнча
$y^2-8y+15=(y-5)(y-3)$болот.

б) $2x^2+5x-1=0$ квадраттык теңдемесин чыгарабыз.

$$D=5^2-4\cdot2\cdot(-1)=25+8=33$$

$$x_{1/2}=\frac{-5\pm\sqrt{33}}{4}=\frac{-5\pm\sqrt{33}}{4};\ x_1=\frac{-5+\sqrt{33}}{4}=-\frac{5-\sqrt{33}}{4};$$

$x_2=\frac{-5-\sqrt{33}}{4}=-\frac{5+\sqrt{33}}{4}$ үч мүчөнү көбөйтүүчүлөргө ажыратуу жөнүндөгү 1-теореманын негизинде төмөндөгүгө ээ болобуз.
$2x^2+5x-1=2\left(x+\frac{5+\sqrt{33}}{4}\right)\left(x+\frac{5-\sqrt{33}}{4}\right)$;

в) $-4x^2+7x-6=0$теңдемесин чыгарып, үч мүчөнүн тамырларын табабыз.

$$D=7^2-4\cdot(-4)\cdot(-6)=49-96=-47$$

Бул теңдеменин $D<0$, демек, теңдеменин тамырлары жок, 2-теорема боюнча $-4x^2+7x-6$ үч мүчөсү көбөйтүүчүлөргө ажырабайт.

г) $3x^2-2x-5=0$ теңдемесинин тамырларын табабыз.

$$D=2^2-4\cdot3\cdot(-5)=4+60=64$$

$$x_{1/2}=\frac{2\pm\sqrt{64}}{6}=\frac{2\pm8}{6};\ x_1=\frac{2+8}{6}=\frac{10}{6}=\frac{5}{3};$$

$x_2 = \frac{2-8}{6} = -\frac{6}{6} = -1.$

Демек, 1-теорема боюнча төмөнкүгө ээ болобуз.

$3x^2 - 2x - 5 = 3(x+1)\left(x - \frac{5}{3}\right).$

9. Бөлчөктөрдү кыскарткыла.

а) $\frac{3x+1}{3x^2-5x-2}$; б) $\frac{5x^2-7x-24}{5x^2-45}$.

Чыгаруу: а) Бөлчөктүн алымын бөлүмүн көбөйтүүчүлөргө ажыратып алабыз.

$$\frac{3x+1}{3x^2-5x-2} = \frac{3(x+\frac{1}{3})}{3(x-2)(x+\frac{1}{3})} = \frac{1}{x-2};$$

б) $$\frac{5x^2-7x-24}{5x^2-45} = \frac{5(x-3)(x+\frac{8}{5})}{5(x^2-9)} = \frac{5(x-3)(x+\frac{8}{5})}{5(x-3)(x+3)} = \frac{x+\frac{8}{5}}{x+3}.$$

1.6. Кадраттык функциянын графиги
$y = ax^2$ функциясы

$a \neq 0$ еаны үчүн, $y = ax^2$ функциясы төмөндөгүдөй касиеттерге ээ болот:

1. Эгерде $x = 0$ болсо, анда $y = 0$ болот. Функциянын графиги координаталар башталышы аркылуу өтөт.

2. Эгерде $a > 0$ болсо жана $x \neq 0$ болсо, анда $y = ax^2 > 0$ болот. Функциянын графиги, жогорку жарым тегиздикте жайланышат.

Ал эми $a < 0$ болсо жана $x \neq 0$ болсо, анда $y = ax^2 < 0$ болот. Функциянын графиги төмөнкү жарым тегиздикте жайланышат.

3. $y = ax^2$ функциясынын графиги, Oyогуна карата симметриялуу.

4. Эгерде $a > 0$ болсо, анда $y = ax^2$ функциясы $(-\infty;\ 0]$ аралыгында кемүүчү, $[0; +\infty)$аралыгында өсүүчү болот.

Ал эми $a < 0$ болсо, анда $y = ax^2$ функциясы $(-\infty;\ 0]$ аралыгында өсүүчү, $[0; +\infty)$аралыгында да кемүүчү болот.

5. Эгерде $a > 0$ болсо, анда $y = ax^2$ функциясынын маанилеринин областы $[0; +\infty)$ аралыгы болот.

Ал эми $a < 0$ болсо, анда $y = ax^2$ функциясынын маанилеринин областы $(-\infty; 0]$ аралыгы болот.

$y = ax^2$ функциясынын графиги парабола деп аталат. Эгерде $a > 0$ болсо, парабола жогору карай багытталат, $a < 0$ болсо, парабола төмөн карай багытталат.

Парабола менен анын симметрия огунун кесилиш чекити, параболанын чокусу деп аталат.

$y = ax^2$ параболасынын чокусу (0;0) чекити, б.а. координаталар башталышы болот.

1-мисал. $y = x^2$ жана $y = -x^2$ функцияларынын графигин бир эле координаталар системасына түзгүлө.

Чыгаруу: $y = x^2$ жана $y = -x^2$ функцияларынын графигин түзүү үчүн таблицалар түзөбүз.

$y = x^2$

x	–3	–2	–1	0	1	2	3
y	9	4	1	0	1	4	9

$y = -x^2$

x	–3	–2	–1	0	1	2	3
y	–9	–4	–1	0	–1	–4	–9

$y = x^2$ жана $y = -x^2$ функцияларынын графиктери Ox огуна карата симметриялуу болушат.



3-сүрөт

2-мисал. $y = 2x^2$ жана $y = \frac{1}{2}x^2$ функцияларынын графиктерин бир эле координаталар системасына чийгиле.

Чыгаруу: $y = 2x^2$ жана $y = \frac{1}{2}x^2$ функцияларынын графиктерин түзүү үчүн таблицалар түзөбүз.

$y = 2x^2$

x	–3	–2	–1	0	1	2	3
y	18	8	2	0	2	8	18

$y = \frac{1}{2}x^2$

x	–3	–2	–1	0	1	2	3
y	4,5	2	0,5	0	0,5	2	4,5

4-сүрөттөгү графиктерге байкоо жүргүзсөңөр $y = 2x^2$ функциясынын графиги $y = x^2$ функциясынын графигин эки эсе чоюу аркылуу, ал эми $y = \frac{1}{2}x^2$ функциясынын графигин $y = x^2$ функциясынын графигин эки эсе кысуу аркылуу алына тургандыгы көрүнүп турат.



4-сүрөт

Аныктама.

$y = ax^2 + bx + c$түрүндөгү формула менен берилген функция квадраттык функция деп аталат. Мында $a \neq 0$ жана b, cсандары каалагандай сандар.

$y = ax^2 + bx + c$ функциясын

$y = a(x + m)^2 + n$ түрүндө жазып алабыз.

Мында,$m = -\frac{b}{2a}$ жана $n = -\frac{b^2-4ac}{4a}$;

$y = a(x + m)^2$функциясынын графигин түзүү үчүн

$y = ax^2$ функциясынын графигин, $m > 0$ үчүн m бирдикке оңду карай, ал эми $m < 0$ үчүн $(-m)$ бирдикке солду карай Oxогун бойлото жылдырабыз.

$y = ax^2 + n$ функциясынын графигин түзүү үчүн $y = ax^2$ функциясынын графигин $n > 0$ үчүн nбирдикке жогору карай, ал эми $n < 0$ үчүн $(-n)$ бирдикке төмөн карай Oyогун бойлото жылдырабыз.

$y = ax^2 + bx + c$ функциясынын графиги чокусу $(m; n)$ чекити болгон парабола болот. Бул параболанын симметрия огу, Oy огуна параллель болгон $x = m$ түз сызыгы эсептелет. $a > 0$ болгондо параболанын тармактары жогору, ал эми $a < 0$ болгондо төмөн карай багытталат.

$y = ax^2 + bx + c$ функциясынын графигин түзүү үчүн төмөндөгүлөрдү аткаруу керек.

1) Параболанын чокусунун координаталарын табабыз. Ал үчүн m абсциссасын $m = -\frac{b}{2a}$ формуласы боюнча таап, анын маанисин $y = ax^2 + bx + c$ формуласына коюп n ординатасын табуу;

2) Параболада жатуучу бир нече чекиттерди табуу;

3) Белгиленген чекиттерди ийри сызык менен туташтыруу.

1-мисал. $y=\frac{1}{3}x^2$, $y=\frac{1}{3}(x+1)^2$, $y = \frac{1}{3}x^2 + 2$ жана $y = \frac{1}{3}(x+1)^2 + 2$ функцияларынын графиктерин бир эле координаталар системасына түзгүлө.

Чыгаруу: Берилген функциялардын маанилеринин таблицасын түзөбүз.

x	–4	–3	–2	–1	0	1	2	3	4
$y = \frac{1}{3}x^2$	$5\frac{1}{3}$	3	$1\frac{1}{3}$	$\frac{1}{3}$	0	$\frac{1}{3}$	$1\frac{1}{3}$	3	$5\frac{1}{3}$
$y = \frac{1}{3}(x+1)^2$	3	$1\frac{1}{3}$	$\frac{1}{3}$	0	$\frac{1}{3}$	$1\frac{1}{3}$	3	$5\frac{1}{3}$	$8\frac{1}{3}$
$y = \frac{1}{3}x^2 + 2$	$7\frac{1}{3}$	5	$3\frac{1}{3}$	$2\frac{1}{3}$	2	$2\frac{1}{3}$	$3\frac{1}{3}$	5	$7\frac{1}{3}$
$y = \frac{1}{3}(x+1)^2 + 2$	5	3	$2\frac{1}{3}$	2	$2\frac{1}{3}$	$3\frac{1}{3}$	5	$7\frac{1}{3}$	$10\frac{1}{3}$

1) $y=\frac{1}{3}x^2$ функциясынын графигин түзөбүз;

2) $y=\frac{1}{3}x^2 + 2$ функциясынын графигин түзөбүз, ал үчүн $y=\frac{1}{3}x^2$ функциясынын графигин 2 бирдикке y огун бойлото жогору жылдырабыз;

3) $y=\frac{1}{3}(x+1)^2$ функциясынын графиги $y=\frac{1}{3}x^2$ функциясынын графигин $0x$ огун бойлото солго бир бирдикке параллель которуудан алынган парабола болот; $y=\frac{1}{3}(x+1)^2$

4) $y=\frac{1}{3}(x+1)^2 + 2$ функциясынын графиги $y=\frac{1}{3}(x+1)^2$ функциясынын графигин $0y$ огун бойлото жогору эки бирдикке параллель которулган парабола болот.



5-сүрөт

2-мисал. Параболанын чокусунун координаттарын тапкыла.

а) $y=(x-4)^2-1$; в) $y=-3x^2+12x-8$;

б) $y=3(x+2)^2+5$; г) $y=2x^2+20x+53$.

Чыгаруу: а) $y=(x-4)^2-1$ функциясынын графиги болгон параболанын чокусунун координаталары $m=4$; $n=-1$ сандары болот, б.а. $(4;-1)$ чекити параболанын чокусу болот.

б) $y=3(x+2)^2+5$ функциясында $m=-2$ жана $n=5$. Демек, бул функциянын графиги параболанын чокусу координаталары $(-2; 5)$ болгон чекит болот.

в) $y=-3x^2+12x-8$, $-3x^2+12x-8$ квадраттык үч мүчөсүнүн толук квадратын бөлүп алабыз:

$$-3x^2+12x-12+4=-3(x^2-4x+4)+4=-3(x-2)^2+4$$

демек, $y=-3(x-2)^2+4$, мында $m=2$; $n=4$.Параболанын чокусу координаталары $(2;4)$ болгон чекит болот.

г) $y=2x^2+20x+53$. $2x^2+20x+53$ үч мүчөсүнүн толук квадратын бөлүп алабыз.

$$2x^2+20x+53=2(x^2+10x+\frac{53}{2})=$$

$$= 2\left(x^2 + 2 \cdot 5 \cdot x + 25 - 25 + 26\frac{1}{2}\right) =$$

$$= 2\left((x + 5)^2 + 1\frac{1}{2}\right) = 2(x + 5)^2 + 3.$$

Демек, $y=2(x+5)^2+3$, мында $m=-5$; $n=3$. Бул параболанын чокусу координаталары $(-5; 3)$ болгон чекит болот.

3-мисал. Функциянын графигин түзгүлө.

а) $y = x^2 + 6x + 11$ б) $y = -\frac{1}{2}x^2 + 4x - 5$

Чыгаруу: $y = x^2 + 6x + 11$,Функциянын графиги болгон параболанын чокусунун координаталарын табабыз.

$$m = -\frac{b}{2a} = -\frac{6}{2} = -3;$$

$$n = (-3)^2 + 6 \cdot (-3) + 11 = 9 - 18 + 11 = 2$$

Демек, параболанын чокусу (–3; 2) чекити болот.

y=$x^2 + 6x + 11 = (x + 3)^2 + 2$

Функциянын бир нече маанилеринин таблицасын түзөбүз.

x	–6	–5	–4	–3	–2	–1	0
$y = x^2 + 6x + 11$	11	6	3	2	3	6	11

Таблицада көрсөтүлгөн чекиттерди белгилеп, аларды жылма сызык менен туташтырып чыгабыз.

y=$x^2 + 6x + 11 = (x + 3)^2 + 2$функциясынын графиги, y=$x^2$ функциясынын графигин (–3) бирдикке солго, 2 бирдикке жогорку паралель көчүрүүдөн алынат.



6-сурот

б) **Чыгаруу:** $y = -\frac{1}{2}x^2 + 4x - 5$функциясынын графигинин чокусунун координаталарын табабыз.

$$m = -\frac{4}{2\cdot(-\frac{1}{2})} = \frac{4}{1} = 4$$

$$n = -\frac{1}{2} \cdot 4^2 + 4 \cdot 4 - 5 = -8 + 16 - 5 = 3$$

Параболанын чокусу (4;3) чекити болот.

Функциясынын бир нече маанилеринин таблицасын түзөбүз.

$-y = -\frac{1}{2}x^2 + 4x - 5 = -\frac{1}{2}(x - 4)^2 + 3$

x	0	1	2	3	4	5	6	7	8
$y=-\frac{1}{2}x^2+4x-5$	–5	–1,5	1	2,5	3	2,5	1	–1,5	–5

Таблицадагы берилген чекиттерди белгилеп, график чийебиз. Ал тармактары төмөн каралган, чокусу (4; 3) чекити болгон парабола болот.



7-сүрөт

4-мисал. $A(2;-5)$ чекити $y=ax^2-12x+c$ параболасынын чокусу болсо, a жана c сандарын тапкыла.

Чыгаруу: $ax^2-12x+c$ квадраттык үч мүчөсүнүн толук квадратын бөлүп алабыз.

$$a\left(x^2-\frac{12}{a}x+\frac{c}{a}\right)=a\left(x^2-2\cdot\frac{6}{a}x+\frac{36}{a^2}-\frac{36}{a^2}+\frac{c}{a}\right)=$$

$$=a\left(\left(x-\frac{6}{a}\right)^2-\left(\frac{36-ac}{a^2}\right)\right)=a\left(x-\frac{6}{a}\right)^2-\frac{36-ac}{a};$$

Демек, $y=a(x-\frac{6}{a})^2-\frac{36-ac}{a}$ болот.

$y=a(x-m)^2+n$ формуласында $(m,\ n)$ чекити параболанын чокусу экендигин эске алсаңар, берилген мисалда m=2; n=–5.

Мындан, $\frac{6}{a}=2$ жана $-\frac{36-ac}{a}=-5$ экендиги келип чыгат.

$$2a=6. -36+ac=-5a$$

$$a = 3. -36 + 3c = -15$$
$$3c = -15 + 36$$
$$3c = 21$$
$$c = 21:3$$
$$c=7$$

Демек, a=3;   c=7 болот. Биз издеген парабола

$$y = 3x^2 - 12x + 7.$$

1.6. Көнүгүүлөр үчүн тапшырма

10. $y=x^2$, $y=\frac{1}{3}x^2$, $y=-\frac{1}{4}x^2$ функцияларынын графиктерин бир эле координаталар системасына түзгүлө.

Чыгаруу: Берилген функциялардын маанилерин таблицасын түзөбүз.

x	–4	–3	–2	–1	0	1	2	3	4
$y = x^2$	16	9	4	1	0	1	4	9	16
$y = \frac{1}{3}x^2$	$5\frac{1}{3}$	3	$1\frac{1}{3}$	$\frac{1}{3}$	0	$\frac{1}{3}$	$1\frac{1}{3}$	3	$5\frac{1}{3}$
$y = -\frac{1}{4}x^2$	–4	$-2\frac{1}{4}$	–1	$-\frac{1}{4}$	0	$-\frac{1}{4}$	–1	$-2\frac{1}{4}$	–4

Координаталары таблицада көрсөтүлгөн чекиттерди түзүп, функциялардын графигин сызабыз.

$y=x^2$ функциясынын графигин түзөбүз. $y=\frac{1}{3}x^2$ функциясынын маанилери $y=x^2$ функциясынын туура кемүүчү маанилеринен үч эсе кичине болот.

Ошондуктан $y=\frac{1}{3}x^2$ функциясынын графиги $y=x^2$ графигинен Оx огунан Оy бойлото 3 эсе кысуу аркылуу алынат.

$y=-\frac{1}{4}x^2$ функциясынын графиги тармактары төмөн караган парабола болот.



8-сүрөт

11. $y=ax^2$ параболасы $A(5;75)$ чекити аркылуу өтөт, a– параметрин тапкыла.

Чыгаруу: $y=ax^2$ функциясынын формуласына x=5 жана y=75 маанилерин коебуз:

$a \cdot 5^2 = 75$ теңдемесине ээ болобуз теңдемени чыгарып, a
$25a=75$ параметрин табабыз.
$a=75:25$
$a=3$.

12. $y=70x^2$ функциясынын графигинде $A(-3;630)$, $B(2;300)$ жана $C(0,5;17,5)$ чекиттери жатабы?

Чыгаруу: $y=70x^2$ формуласына аргумент x тин маанилерин коюп, эсептөө жүргүзөбүз.

$A(-3;630)$; $y=70x^2 = 70 \cdot (-3)^2 = 70 \cdot 9 = 630$. Демек, бул чекит графикте жатат.

$B(2;300)$; $y=70x^2 = 70 \cdot 2^2 = 70 \cdot 4 = 280$. Демек, бул чекит графикте жатпайт.

$C(0,5;17,5)$; $y=70x^2 = 70 \cdot 0,5^2 = 70 \cdot 0,25 = 17,5$. Демек, бул чекит графикте жатат.

13. $y = \frac{1}{2}x^2$, $y = \frac{1}{2}(x+2)^2$, $y = \frac{1}{2}x^2 + 2$ жана

$y = \frac{1}{2}(x+2)^2 + 2$ функцияларынын графиктерин бир эле координаталар системасына түзгүлө.

Чыгаруу: Берилген функциялардын маанилеринин таблицасын түзөбүз.

x	–4	–3	–2	–1	0	1	2	3	4
$y = \frac{1}{2}x^2$	8	4,5	2	$\frac{1}{2}$	0	$\frac{1}{2}$	2	4,5	8
$y = \frac{1}{2}(x+2)^2$	2	$\frac{1}{2}$	0	$\frac{1}{2}$	2	4,5	8	12,5	18
$y = \frac{1}{2}x^2 + 2$	10	6,5	4	$2\frac{1}{2}$	2	$2\frac{1}{2}$	4	6,5	10
$y = \frac{1}{2}(x+2)^2 + 2$	4	$2\frac{1}{2}$	2	$2\frac{1}{2}$	4	6,5	10	14,5	20

1) $y = \frac{1}{2}x^2$ функциясынын графигин түзөбүз;

2) $y = \frac{1}{2}(x+2)^2$ функциясынын графиги $y = \frac{1}{2}x^2$ функциясынын графигин Ox огун бойлото солго (–2) бирдикке параллель которуудан алынган парабола болот;



9-сурөт

3) $y = \frac{1}{2}x^2 + 2$ функциясынын графиги $y = \frac{1}{2}x^2$ функциясынын графигин Oy огун бойлото 2 бирдикке жогору параллель которуудан алынган парабола болот;

4) $y = \frac{1}{2}(x+2)^2 + 2$ функциясынын графиги $y = \frac{1}{2}(x+2)^2$ функциясынын графигин Oy огун бойлото 2 бирдикке параллель которуудан алынган парабола болот.

14. Параболанын чокусунун координаталарын тапкыла.

а) $y = (x+5)^2$ б)$y = x^2 - 3$

в) $y = 5(x+4)^2 + 2$ г) $y = 3x^2 + 18x + 23$

Чыгаруу: а) $y = (x+5)^2$ параболасынын чокусунун координаталары m=–5, n=0 б.а. (–5; 0) чекити параболанын чокусу болот.

б) $y = x^2 - 3$ параболасында m=0, n=–3 б.а. (0; –3) чекити параболанын чокусу болот.

в) $y = 5(x+4)^2 + 2$ функциясында m=–4, n=2 болот, б.а. (–4; 2) чекити параболанын чокусу болот.

г) $y = 3x^2 + 18x + 23$, $3x^2 + 18x + 23$ үч мүчөсүнүн толук квадратын бөлүп алабыз.

$$3\left(x^2 + 6x + \frac{23}{3}\right) = 3\left(x^2 + 2 \cdot 3x + +9 - 9 + \frac{23}{3}\right) =$$

$3\left((x+3)^2 - 9 + \frac{23}{3}\right) = 3(x+3)^2 - 4$демек, мында m=–3, n=–4 анда параболанын чокусу (–3; –4) чекити болот.

15. Эгерде (1;–7) чекити $y = x^2 + px + q$параболасынын чокусу болсо, анда p жана q сандарын тапкыла.

Чыгаруу: Маселенин шарты боюнча m=1, n=–7. $y = x^2 + px + q$ функциясында $m = -\frac{p}{2}$, демек $-\frac{p}{2} = 1$, мындан $p = -2$ экендиги келип чыгат, анда

$1^2 + (-2) \cdot 1 + q = -7$ болот.

$$1 - 2 + q = -7$$
$$q = -7 + 1 = -6$$
$$q = -6.$$

Демек, $p = -2$, $q = -6$ болсо, анда $y = x^2 - 2x - 6$ биз издеген функция.

16. $y = ax^2 + bx + c$ функциясынын графиги A(2; 15), B(–1; –3) жана C(–2; –1) чекиттери аркылуу өтөт. a, b жана c сандарын тапкыла.

Чыгаруу: $y = ax^2 + bx + c$функциясындагы х тин берилген маанилерин коюп, аны функциянын берилген маанилерине теңдесек, төмөндөгүдөй теңдемелер системасына ээ болобуз.

$$\begin{cases} a\cdot 2^2+b\cdot 2+c=15 \\ a\cdot(-1)^2+b\cdot(-1)+c=-3 \\ a\cdot(-2)^2+b\cdot(-2)+c=-1 \end{cases}, \quad \begin{cases} 4a+2b+c=15 \\ a-b+c=-3 \\ 4a-2b+c=-1 \end{cases}$$

Системаны чыгарууда алгебралык кошуу жолун пайдаланабыз. Системадагы 1-теңдемеден 3-теңдемени мүчөлөп кемитебиз:

$$4a+2b+c=15$$
$$-$$
$$4a-2b+c=-1$$
$$4b=16$$
$$b=16:4$$

$b=4$ экендиги келип чыгат.

Системадагы 3-теңдемеден 2-теңдемени мүчөлөп кемитебиз.

$$4a-2b+c=-1$$
$$a-b+c=-3$$
$$3a-b=2$$
$$3a-4=2$$
$$3a=2+4$$
$$3a=6$$
$$a=6:3$$
$$a=2.$$

a=2 жана b=4 маанилерин 2-теңдемеге коюп, с нын маанисин табабыз.

$$a-b+c=-3$$
$$2-4+c=-3$$
$$-2+c=-3$$
$$c=-3+2,\ c=-1$$

Ошентип, a=2, b=4, c=–1 болду, анда
$y=ax^2+bx+c$ функциясы $y=2x^2+4x-1$болот.

1.7. Квадраттык барабарсыздык жана аны графиктик жол менен чыгаруу.

Аныктама.

Эгерде барабарсыздыктын сол тарабы квадраттык үч мүчө, ал эми оң тарабы нөл болсо, анда мындай барабарсыздык квадраттык барабарсыздык деп аталат.

Квадраттык барабарсыздыктарды график жолу менен чыгарууда төмөнкүлөрдү аткарабыз.

1) Квадраттык үч мүчөнүн дискриминантын табабыз.

2) Эгерде үч мүчө тамырларга ээ болсо, анда аларды 0х огунда белгилеп, белгиленген чекиттер аркылуу параболаны схемалык түрдө сызабыз.

Эгерде үч мүчө тамырларга ээ болбосо, анда $a > 0$ үчүн жогорку, ал эми $a < 0$ болсо төмөнкү жарым тегиздикте жайгашкан параболанын графигин схемалык түрдө сызабыз.

3) Эгерде $ax^2 + bx + c$барабарсыздыгын чыгарсак, анда $0x$ огунан жогору жайгашкан параболанын чекиттери үчүн $0x$ огундагы аралыктарды табабыз. Ал эми $ax^2 + bx + c < 0$ барабарсыздыгын чыгарсак, анда $0x$ огунантөмөн жайгашкан параболанын чекиттери үчүн $0x$ огундагы аралыкты табабыз.

1-мисал. $x^2 - 5x + 6 \geq 0$барабарсыздыгын чыгаргыла.

Чыгаруу: D=25–24=1.

$x_1 = \frac{5-1}{2} = \frac{4}{2} = 2;$

$$x_2 = \frac{5+1}{2} = \frac{6}{2} = 3.$$



10-сүрөт

Демек, парабола $0x$ огун абсциссалары 2 жана 3 кө барабар болгон чекиттерде кесип өтөт.

Параболаны схемалык түрдө сызабыз. (10-сүрөт) $y = x^2 - 5x + 6$ функциясы (2;3) аралыгында терс маанилерди ала тургандыгы 10-сүрөттөн көрүнүп турат.

Демек, $x^2 - 5x + 6 \geq 0$барабарсыздыгы $(-\infty; 2]$жана $[3; +\infty)$ аралыгында аткарылат.

Жообу: $(-\infty; 2] \cup [3; +\infty)$.

2-мисал. $-3x^2 - 2x + 8 < 0$ барабарсыздыгын чыгаргыла.

Чыгаруу: $y = -3x^2 - 2x + 8$ функциянын графиги, тармактары төмөн караган парабола болот.

$-3x^2 - 2x + 8 = 0$ теңдемесин чыгарабыз $D = 100$ болот

$x_{\frac{1}{2}} = \frac{2\pm\sqrt{100}}{-6} = \frac{2\pm10}{-6}$;

$$x_1 = \frac{2+10}{-6} = \frac{12}{-6} = -2$$

$$x_2 = \frac{2-10}{-6} = \frac{-8}{-6} = 1\frac{2}{3}$$

демек, функциянын графиги абциссаларых $= -2$ жана $x = 1\frac{2}{3}$чекиттерде кесилишет.



11-сүрөт

$y = -3x^2 - 2x + 8$ функциясы $(-\infty; -2)$ жана $\left(1\frac{2}{3}; +\infty\right)$ аралыгында терс маанилерди кабыл алат. (11-сүрөт.)

Демек, берилген барабарсыздыктын чыгарылышы $(-\infty;\ -2) \cup \left(1\frac{2}{3}; +\infty\right)$ болот.



12-сүрөт

3-мисал. $x^2 + 4x + 3 \leq 0$ барабарсыздыгын чыгаргыла.

Чыгаруу: $x^2 + 4x + 3 = 0$ теңдемесинин тамырлары $x_1 = -1$ жана $x_2 = -3$ олот. Демек $x^2 + 4x + 3$ функциясынын графиги абсциссалары x=–1 жанах=–3 чекиттеринде 0x огу менен кесилишет. Функция[–3; –1] аралыгында терс маанини кабыл алат.

$x^2 + 4x + 3 \leq 0$барабарсыздыгынын чыгарылышы [–3; –1] аралыгы болот.

4-мисал. $5x^2 - 2x + 1 < 0$ барабарсыздыгын чыгаргыла.

Чыгаруу: $y = 5x^2 - 2x + 1$ функциясынын графиги тармактары жогору караган парабола.

$5x^2 - 2x + 1 = 0$ теңдемени чыгарабыз.

$D = (-2)^2 - 4 \cdot 5 \cdot 1 = 4 - 20 = -16 < 0$



13-сүрөт

демек бул теңдеме тамырларга ээ болбойт. Парабола Ox огу менен кесилишпейт. Координата тегиздигинде параболанын схемалык түрдө сызалы. x тин каалагандай маанилеринде функция оң маанилерди кабыл алат. Демек, $5x^2 - 2x + 1 < 0$ барабарсыздыгы чыгарылышка ээ болбойт.

1.8. Интервалдар методу.

Интервалдар методу менен барабарсыздыктарды чыгарууда, функциянын белгиси бир аралыктан экинчи аралыкка өткөндө ирети менен өзгөрүү касиети пайдаланылат. Ал үчүн бул аралыктардын биринде функция кандай белгиге ээ болорун билүү жетиштүү.

1-мисал. $x^2 + x - 12 > 0$ барабарсыздыгын чыгаргыла.

Чыгаруу: $x^2 + x - 12 = 0$ теңдемесинин тамырларын табабыз.



11-сүрөт

$x_1 = 3$; $x_2 = -4$ анда $x^2 + x - 12 = (x - 3)(x + +4)$ болот.

$x_1 = 3$ жана $x_2 = -4$ сандары сан огун $(-\infty; -4)$, $(-4; 3)$ жана $(3; +\infty)$ аралыктарына бөлөт.$(3; +\infty)$ аралыгында $(x - 3)(x + +4)$ туюнтмасы оң экендиги белгилүү.

Ондон $(3; +\infty)$ аралыгынан каалагандай маанини алып,

$(x - 3)(x + 4)$туюнтмасынын белгисин аныктайбыз. Бул аралыкта туюнтма нөлдөн чоң болот.

Демек$(-4; 3)$ аралыгында туюнтма терс маанини кабыл алат.Ошентип барабарсыздыктын чыгарылыш көптүгү болуп, $(x - 3)(x + 4)$көбөйтүндүсүнүн оң маанилерди кабыл алган, $(-\infty; -4) \cup (3; +\infty)$ аралыктарынын биригүүсү эсептелет.

2-мисал. $\frac{x+2}{x-7} < 0$барабарсыздыгын чыгаргыла.

Чыгаруу: Барабарсыздыктын алымын жана бөлүмүн $x - 7$ге көбөйтүп алабыз.

$\frac{(x+2)(x-7)}{(x-7)^2}$; $\frac{x+2}{x-7}$ бөлчөгүнүн белгиси

$(x + 2)(x - 7)$көбөйтүндүсүнүн белгиси менен дал келет. Демек, $\frac{x+2}{x-7} < 0$ барабарсыздыгы тең күчтө.

$x = -2$ жана $x = 7$сандары функциянын нөлдөрү болот.

15-сүрөт

$\frac{x+2}{x-7} < 0$барабарсыздыктын чыгарылыш көптүгү $(-2; 7)$ аралыгы болот.

3-мисал. . $\frac{x^2+2x-8}{x^2-4x-5} \geq 0$

Чыгаруу: Барабарсыздыктын алымындагы жана бөлүмүндөгү көп мүчөлөрдү көбөйтүүчүлөргө ажыратып алабыз.

$\frac{(x-2)(x+4)}{(x+1)(x-5)} \geq 0$

Берилген бөлчөктүн алымынын жана бөлүмүнүн нөлдөрүн сан огунда белгилейбиз. 2;–4;–1;5 сандары.



16-сүрөт

$x \in (5; +\infty)$болгондо бөлчөктүн алымы да бөлүмү да оң болот. Эми бөлүнгөн беш интервалдын ар биринде бөлчөктүн белгисин аныктап алууга болот. $x = -1$ жана $x = 5$ үчүн бөлчөк аныкталган эмес.

Берилген барабарсыздыктын чыгарылыш көптүгү болуп $(-\infty; -4]$, $(-1; 2]$ жана $(5; +\infty)$эсептелет.

Жообу: $(-\infty; -4] \cup (-1; 2] \cup (5; +\infty)$.

1.7.–1.8. Көнүгүүлөр үчүн тапшырмалар

17. Барабарсыздыкты чыгаргыла.

а) $x^2 + x - 2 \geq 0$

б) $3x^2 + 2x - 1 < 0$

Чыгаруу: а) $x^2 + x - 2 \geq 0$,

$y = x^2 + x - 2$ функциясынын графиги тармактары жогору караган парабола болот.

$x^2 + x - 2 = 0$ теңдемени чыгарабыз, анын тамырлары $x_1 = -2$ жана $x_2 = 1$. Демек функциянын графиги абциссалары $x_1 = -2$ жана $x_2 = 1$ чекиттеринде абцисса огу менен кесилишет.



17-сүрөт

Параболаны схемалык түрдө сызабыз (17-сүрөт). x тин маанилери

$(-\infty; -2]$ жана $[1; +\infty)$аралыгында жатса, барабарсыздык туура болору 17–сүрөттөн корүнүп турат.

Жообу: $(-\infty; -2] \cup [1; +\infty)$ болот.

б) $3x^2 + 2x - 1 < 0$

$y = 3x^2 + 2x - 1$функциясынын графиги тармагы жогору караган парабола болот.

Эми $3x^2 + 2x - 1 = 0$ теңдемесин чыгарабыз, анын тамырлары $x_1 = -1$ жана $x_2 = \frac{1}{3}$ болот. Демек, функциянын графиги абциссалары $x_1 = -1$ жана $x_2 = \frac{1}{3}$ чекиттеринде Ox огу менен кесилишет. Параболаны схемалык түрдө сызабыз. 18-сүрөттү карасак x тин маанилери $\left(-1; \frac{1}{3}\right)$ аралыгында барабарсыздыктын туура болору көрүнүп турат.



18-сүрөт

Жообу: $\left(-1; \frac{1}{3}\right)$.

18. Барабарсыздыкты чыгаргыла.

а) $5x^2 - 3 < 3x^2 - x$ б)$-3x^2 + 2x \geq -x^2 + 3x - 18$

Чыгаруу:

а) $5x^2 - 3 < 3x^2 - x$

$$5x^2 - 3 - 3x^2 + x \quad < 0$$

$$2x^2 + x - 3 < 0$$

$2x^2 + x - 3 = 0$ функциясынын графиги тармагы жогору караган парабола болот. $2x^2 + x - 3 = 0$ теңдемесинин тамырларын табабыз. $x_1 = -1$ жана $x_2 = 1\frac{1}{2}$ болот. Демек, функциянын графиги абциссалары $x_1 = -1, x_2 = 1\frac{1}{2}$ чекиттеринде Ox огу менен кесилишет. Параболаны схемалык



19-сүрөт

түрдө сызабыз. Бул барабарсыздыктын чыгарылыш көптүгү $\left(-1;\ 1\frac{1}{2}\right)$көптүгү боло тургандыгы 19-сүрөттө көрүнүп турат.

Жообу: $\left(-1; 1\frac{1}{2}\right)$.

б)$-3x^2 + 2x \geq -x^2 + 3x - 18$
$-3x^2 + 2x + x^2 - 3x + 18 \geq 0$
$-2x^2 - 5x + 18 \geq 0$

$-2x^2 - 5x + 18 = 0$ функциясынын графиги тармактары төмөн караган парабола болот.

$-2x^2 - 5x + 18 = 0$ теңдемесинин тамырларын табабыз, алар $x_1 = -3$, $x_2 = 1\frac{1}{3}$ болот.

Бул функциянын графиги абциссалары $x_1 = -3$ жана $x_2 = 1\frac{1}{3}$ чекиттеринде Ox огу менен кесилишет. Параболаны схемалык түрдө чийебиз.



20-сүрөт

Бул барабарсыздыктын чыгарылыш көптүгү $\left[-3; 1\frac{1}{3}\right]$ көптүгү боло тургандыгы графиктен көрүнүп турат.

Жообу: $\left[-3; 1\frac{1}{3}\right]$.

19. Барабарсыздыктарды интервалдар методу менен чыгаргыла.

а) $(x+4)(x-6) > 0$ б) $(x+7)(x+2)(x-4) \leq 0$
в) $x^3 - 25x \geq 0$ г)$(x^2-4)(x-5) < 0$

Чыгаруу: а) $(x+4)(x-6) > 0$

$y = (x+4)(x-6)$функциясынын нөлдөрү $x=-4$ жана $x=6$ сандары болот. Бул сандар сан огун $(-\infty; -4), (-4; 6)$ жана $(6; +\infty)$ аралыктарына бөлөт.



21-сүрөт

Жообу: $(-\infty; -4) \cup (6; +\infty)$

б) $(x+7)(x+2)(x-4) \leq 0$берилген туюнтманын нөлдөрү . –7; –2; 4 сандарын сан огунда белгилейбиз.



22-сүрөт

Бул сандар сан огун $(-\infty;\ -7], [-7; -2], [-2; 4]$ жана $[4; +\infty)$ аралыктарына бөлөт. Оң жактан $[4; +\infty)$ аралыгынан туюнтманын белгисин аныктайбыз. Бул аралыкта туюнтма оң мааниге ээ болот. Демек барабарсыздыктын чыгарылыш көптүгү $(-\infty; -7] \cup [-2; 4]$ аралыктарынын биригүүсү болот.

в) $x^3 - 25x \geq 0x^3 - 25x$ туюнтмасын көбөйтүүчүлөргө ажыратып алабыз.

$$x^3 - 25x \geq 0 \qquad x(x^2 - 25) \geq 0$$

$x(x+5)(x-5) \geq 0$ бул туюнтманын нөлдөрү 0; –5; 5 сандары болот.



23-сүрөт

$(-\infty; -5], [-5; 0], [0; 5]$ жана $[5; +\infty)$ аралыктарына ээ болдук. Оң жактан $[5; +\infty)$ аралыгында туюнтманын белгисин аныктайбыз. Бул аралыкта туюнтма оң мааниге ээ болот.

Демек, барабарсыздыктын чыгарылыш көптүгү $[-5; 0] \cup [5; +\infty)$ көптүктөрүнүн биригүүсү болот.

Жообу: $[-5; 0] \cup [5; +\infty)$

г) $(x^2 - 4)(x - 5) < 0(x^2 - 4)(x - 5)$ туюнтмасын көбөйтүүчүлөргө ажыратабыз.

$(x^2 - 4)(x - 5) = (x - 2)(x + 2)(x - 5)$ бул туюнтманын нөлдөрү –2; 2; 5 сандары болот жана алар сан огун $(-\infty; -2), (-2; 2), (2; 5)$ жана $(5; +\infty)$ аралыктарына бөлөт. $(5; +\infty)$ аралыгында туюнтма оң мааниге ээ болот.



24-сүрөт

Демек берилген барабарсыздыктын чыгарылыш көптүгү $(-\infty; -2) \cup (2; 5)$ көптүктөрүнүн биригүүсү болот.

Жообу: $(-\infty;\ -2) \cup (2; 5)$.

20. Функциянын аныкталуу областын тапкыла.

а) $y = \sqrt{(2x+8)(5-x)(x+7)}$; б) $y = \frac{5}{\sqrt{x^2-5x+4}}$.

Чыгаруу: Товар ар бир жолу x% дан арзандасын дейли. Анда 1-жолу арзандаганда $\frac{1800\cdot x}{100} = 180x$ сомго арзандайт. Демек, товардын 1-жолу арзандаган баасы $18000 - 180 \cdot x$ сом болот.

2-жолу арзандаганда $\frac{(18000-180x)x}{100}$ сомго арзандайт.

Анда товардын акыркы баасы төмөнкүдөй болот.

$$(18000 - 180x) - \frac{(1800 - 180x)x}{100} = 13005$$
$$180(100 - x) - \frac{180(100 - x)\cdot x}{100} = 13005$$
$$18000(100 - x) - 180(100x - x^2) = 1300500$$
$$10000 - 100x - 100x + x^2 = 7225$$
$$x^2 - 200x + 2775 = 0$$
$$D = 40000 - 4 \cdot 2775 = 28900$$
$$x_{1/2} = \frac{200 \pm \sqrt{28900}}{2} = \frac{200 \pm 170}{2}$$

$x_1 = \frac{200+170}{2} = \frac{370}{2} = 185;\ x_2 = \frac{200-170}{2} = \frac{30}{2} = 15.$

Жообу: 15% дан арзандаган.

2.5. Көнүгүүлөр үчүн маселелер

28. Теплоход агым боюнча 66км, агымга каршы 36 км жүрүп, бардык жолго 5 саат саптаган. Эгерде суунун агымынын ылдамдыгы 2 км/саат болсо, теплоходдун өздүк ылдамдыгын тапкыла.

Чыгаруу: Теплоходдун өздүк ылдамдыгы x км/саат болсун. Анда, x+2 км/саат – теплоходдун агым боюнча ылдамдыгы, x–2 км/саат – теплоходдун агымга каршы ылдамдыгы, $\frac{66}{x+2}$–агым боюнча жүргөнгө сарптаган убакыт, $\frac{36}{x-2}$ – агымга каршы жүргөнгө сарпталган убакыт болот.

Маселенин шарты боюнча төмөнкүдөй теңдеме түзөбүз.

$$\frac{66}{x+2} + \frac{36}{x-2} = 5$$
$$66(x - 2) + 36(x + 2) = 5(x^2 - 4)$$
$$66x - 132 + 36x + 72 = 5x^2 - 20$$

$$5x^2 - 102x + 40 = 0$$
$$D = 10404 - 800 = 9604$$
$$x_{1/2} = \frac{102 \pm \sqrt{9604}}{10} = \frac{102 \pm 98}{10}$$
$$x_1 = \frac{102+98}{10} = 20;\; x_2 = \frac{102-98}{10} = \frac{4}{10} = \frac{2}{5}.$$

Жообу: 20 км/саат.

29. Тик бурчтуктун аянты 320 $см^2$ ка барабар. Эгерде тик бурчтуктун жактары $\frac{4}{5}$ сыяктуу катышса, анда анын жактарын тапкыла.

Чыгаруу: Тик бурчтуктун жактары x см жана y см болсун дейли. Анда, маселенин шарты боюнча $\frac{x}{y} = \frac{4}{5}$, жана $S = x \cdot y = 320$, мындан төмөнкүдөй теңдеме түзүүгө болот.

$$\begin{cases} \dfrac{x}{y} = \dfrac{4}{5} \\ x \cdot y = 320, \end{cases} \quad \begin{cases} x = \dfrac{4}{5}y \\ x \cdot y = 320, \end{cases} \quad \frac{4}{5}y \cdot y = 320,$$
$$\frac{4}{5}y^2 = 320\,,\; y^2 = 400,$$
$$y_{1/2} = \pm\sqrt{400} = \pm 20\,;$$
$$x = \frac{4}{5} \cdot 20 = 16см.$$

Жообу: 16 см жана 20 см.

30. Эки трактор талааны 2 күндө айдап бүтөт. Эгерде жер айдоону бүтүрүү үчүн бир трактор экинчи тракторго караганда 3 күн аз кетсе, ар бир трактор өзүнчө канча күндө айдап бүтөт.

Чыгаруу: 1-трактор өзү жеке x күндө, экинчи трактор y күндө айдап бүтүрсүн дейли, анда маселенин шартына ылайык теңдеме түзөбүз.

$$\begin{cases} \dfrac{1}{x} + \dfrac{1}{y} = \dfrac{1}{2} \\ x - y = 3, \end{cases} \quad \begin{cases} 2y + 2x = xy \\ x = 3 + y, \end{cases} \quad 2y + 2(3+y) = (3+y)y,$$
$$2y + 6 + 2y = 3y + y^2$$
$$y^2 - y - 6 = 0$$
$$D = 1 - 4 \cdot (-6) = 25$$

$$y_{1/2} = \frac{1 \pm \sqrt{25}}{2} = \frac{1 \pm 5}{2}\ ; \quad y_1 = \frac{1+5}{2} = \frac{6}{2} = 3, \ \ y_2 = \frac{1-5}{2} = -\frac{4}{2} = -2.$$

$$x = 3 + y = 3 + 3 = 6$$

Жообу: 3 күндө, 6 күндө.

31. Аралыгы 900 км А жана В шаарларынан бири-бирин көздөй эки жеңил машина чыкты. Алар 5 сааттан кийин жолугушту. Эгерде алардын биринин ылдамдыгы экинчисинин ылдамдыгынан 20 км/саатка чоң болсо, машиналардын ылдамдыктарын тапкыла.

Чыгаруу: Алардын биринин ылдамдыгы x км/саат болсун, анда экинчисинин ылдамдыгы x–20 км/саат болот.

Маселенин шарты боюнча төмөнкүдөй теңдеме түзөбүз.

$$5x + 5(x - 20) = 900$$
$$5x + 5x - 100 = 900$$
$$10x = 1000$$
$$x = 1000 : 10$$

$x = 100$ км/саат $x - 20 = 100 - 20 = 80$ км/саат.

Жообу: 100 км/саат; 80 км/саат.

32. Тик бурчтук формасындагы тактайдын аянты 5600 см^2. Андан тактайдын туурасына барабар, узуну 100 см болгон тик бурчтук формасындагы бө-лүгүн кесип алышты. Калган бөлүгү квадрат формасына ээ. Квадраттын жагын тапкыла.

28-сүрөт

Чыгаруу: Маселенин шартына байланышкан чийме чийип алалы. Берилген тик бурчтуктун аянты 5600 см^2.

Демек, $100x + x^2 = 5600$(см^2) теңдемесин түзүп алабыз.

$$x^2 + 100x - 5600 = 0$$
$$D = 10000 + 4 \cdot 5600 = 32400$$
$$x_{1/2} = \frac{-100 \pm \sqrt{32400}}{2} = \frac{-100 \pm 180}{2}$$
$$x_1 = \frac{-100+180}{2} = 40; \ \ x_2 = \frac{-100-180}{2} = -140.$$

Жообу: 40 см.

33. Бирдей өндүрүмдүүлүктөгү эки насос 16 $м^3$ сууну соруп чыгаргандан кийин, биринчи насос 1 саат 15 минутага оңдоого токтотулган. Оңдолгон насостун өндүрүмдүүлүгү $1м^3$ ка көбөйгөн. Эгерде эки насос 75 $м^3$ сууну чыгарса жана биринчи насос 38 $м^3$ суу чыгарганы белгилүү болсо, насостордун баштапкы өндүрүмдүүлүгүн тапкыла.

Чыгаруу: Насостордун өндүрүмдүүлүгү x $м^3$/саат болсун, анда биринчи насос токтотулганда экинчи насос $1\frac{1}{4}xм^3$суу соруп чыгарат. Биринчи насос токтогонго чейин ар бир насос $8м^3$ суу чыгарат. Маселенин шарты боюнча 1-насос 38 $м^3$, экинчи насос 37 $м^3$ суу чыгарат. Биринчи насос x+1 $м^3$/саат, 2–насос x $м^3$/саат өндүрүмдүүлүктө tсаат чогуу иштесин дейли, анда төмөнкүдөй теңдемелер системасын түзүүгө болот.

$\begin{cases} 8+t(x+1)=38 \\ 8+tx+\frac{5}{4}x=37, \end{cases}$ $\begin{cases} 8+tx+t=38 \\ 8+tx+\frac{5}{4}x=37 \end{cases}$ Теңдемелерди мүчөлөп кемитебиз $t-\frac{5}{4}x=1,$ $t=1+\frac{5}{4}x$ экинчи теңдемеге $t=1+\frac{5}{4}x$ ти коебуз, $8+x(1+\frac{5}{4}x)=37$

$$8+x(1+\frac{5}{4}x+\frac{5}{4})=37$$

$$8+\frac{9}{4}x+\frac{5}{4}x^2=37$$

$$5x^2+9x-29=0$$

$$D=81+2320=2401$$

$$x_{1/2}=\frac{-9\pm\sqrt{2401}}{10}=\frac{-9\pm49}{10}$$

$$x_1=\frac{-9+49}{10}=4;\ x_2=\frac{-9-49}{10}=-\frac{58}{10}=-5{,}8$$

Жообу: Насостордунөндүрүмдүүлүгү 4 $м^3$/саат.

34. Шаардын калкынын саны 2 жылда 30000 ден 33708 ге өстү. Бул шаардын калкынын орточо өсүү пайызын тапкыла.

Чыгаруу: Шаар калкынын орточо өсүү пайызы x% болсун дейли.

Анда биринчи жылы $\frac{30000x}{100}=300x$ке өсөт.

Экинчи жылы $\frac{(30000+300x)x}{100}=300x+3x^2$ка өсөт.

Эки жылдагы адам саны

$$30000 + 300x + 300x + 3x^2 = 33708$$
$$3x^2 + 600x - 3708 = 0$$
$$x^2 + 200x - 1236 = 0$$
$$D = 44944$$
$$x_{1/2} = \frac{-200 \pm \sqrt{44944}}{2} = \frac{-200 \pm 212}{2}$$
$$x_1 = \frac{-200+212}{2} = 6;\ x_2 = \frac{-200-212}{2} = -206$$

Жообу: 6% дан өскөн.

35. *A* шаарынан, аралыгы 770 км болгон *B* шаарын көздөй бир эле убакытта эки жүк ташуучу машина чыкты. Биринчи машинанын ылдамдыгы экинчи машинанын ылдамдыгынан 7 км/саатка чоң. Эгерде экинчи машина *B* шаарына биринчи машинадан 1 саат кеч келсе. анда ар бир машинанын ылдамдыгын тапкыла.

Чыгаруу: Биринчи машинанын ылдамдыгы x км/саат болсун, анда экинчи машинанын ылдамдыгы $x–7$ км/саат болот.

Маселенин шарты боюнча

$\frac{770}{x-7} - \frac{770}{x} = 1$теңдемесин түзөбүз.

$$770x - 770(x - 7) = x(x - 7)$$
$$770x - 770x + 5390 = x^2 - 7x$$
$$x^2 - 7x - 5390 = 0$$
$$D = 49 + 4 \cdot 5390 = 21609$$
$$x_{1/2} = \frac{7 \pm \sqrt{21609}}{2} = \frac{7 \pm 147}{2}$$
$$x_1 = \frac{7+147}{2} = 77;\ x_2 = \frac{7-147}{2} = -70$$
$$77 - 7 = 70\text{км/саат.}$$

Жообу: 77 км/саат, 70 км/саат.

III глава. Арифметикалык жана геометриялык прогрессия

3.1. Сан удаалаштыгы

Аныктама

Кандайдыр бир эреженин негизинде ар бири өзүнүн катар номерине ээ болгон сандардын катары сан удаалаштыгы деп аталат.

Мисалы: Жуп сандардын катары $2, 4, 6, ..., 2n, ...$

Так сандардын катары $1,3,5,....2n-1,...$

Ар бир так санга өзүнө тескери сан туура келген сандардын катары $1, \frac{1}{3}, \frac{1}{5},....\frac{1}{2n-1},...$

Жалпы учурда сан удаалаштыгы төмөндөгүдөй белгиленет.

$a_1, a_2, a_3,...,a_n, a_{n+1},....$

Мында a_n саны удаалаштыктын мүчөсү, n саны анын катар номери.

a_1– удаалаштыктын биринчи мүчөсү;

a_2– экинчи мүчөсү;

a_n– n – мүчөсү;

a_{n+1} – $(n+1)$ – мүчөсү.

Жогоруда берилген мисалдагы жуп сандардын удаалаштыгында: $a_1 = 2$; $a_2 = 4$; $a_3 = 6$; $a_n = 2n$ болуп эсептелет.

Сан удаалаштыгы көпчүлүк учурда n мүчөсүнүн формуласы аркылуу берилет.

1-мисал. Сан удаалаштыгы $a_n = \frac{n(2n-1)}{2}$ формуласы менен берилген. Бул удаалаштыктын алгачкы үч мүчөсүн жана 20–мүчөсүн тапкыла.

Чыгаруу: $a_1 = \frac{1(2\cdot1-1)}{2} = \frac{1\cdot1}{2} = 0{,}5;$

$a_2 = \frac{2(2\cdot2-1)}{2} = \frac{2\cdot3}{2} = 3;$

$a_3 = \frac{3(2\cdot3-1)}{2} = \frac{3\cdot5}{2} = 7{,}5;$

$a_{20} = \frac{20(2\cdot20-1)}{2} = \frac{20\cdot39}{2} = 390.$

Жообу: 0,5; 3; 7,5; 390.

Удаалаштыктын бир же бир нече мүчөлөрү берилип, $(n+1)$–мүчөсү өзүнөн мурдагы n –мүчөсү аркылуу чыгарылуучу формула менен берилсе, анда удаалаштыкты рекурренттик жол менен берилди деп айтабыз.

2-мисал. Удаалаштыктын $a_{n+1} = 2a_n - 1$ рекурренттик формула жана $a_1 = 3$ шарты аркылуу берилген. Удаалаштыктын алгачкы төрт мүчөсүн жазгыла.

Чыгаруу: Берилген шарт жана формула боюнча удаалаштын мүчөлөрүн табабыз.

$a_1 = 3;$

$a_2 = 2a_1 - 1 = 2 \cdot 3 - 1 = 5;$

$a_3 = 2a_2 - 1 = 2 \cdot 5 - 1 = 9;$

$a_4 = 2a_3 - 1 = 2 \cdot 9 - 1 = 17.$

Жообу: 3, 5, 9, 17.

3.2. Арифметикалык прогрессия

Аныктама

Арифметикалык прогрессия деп, экинчи мүчөсүнөн баштап улам кийинки мүчөсү мурункусуна бир эле туруктуу санды кошкондон пайда болгон сан удаалаштыгын айтабыз.

Арифметикалык прогрессиянын $(n + 1)$– жана n – мүчөсүнүн айырмасы n дин бардык маанилери үчүн бир эле сан болот. Ал арифметикалык прогрессиянын айырмасы деп аталып, d тамгасы менен белгиленет.

$a_1, a_2, a_3, ..., a_n, ...$

арифметикалык прогрессиясында

$a_{n+1} = a_n + d$ шарты аткарылат.

Мисалы: 3кө бөлүнүүчү сандардын удаалаштыгы 3, 6, 9, 12, ...3n,... айырмасы $d = 3$ болгон арифметикалык прогрессия:

2, 7, 12, 17, 22, 27 чектүү удаалаштыгы айырмасы $d = 5$ болгон арифметикалык прогрессия болот.

Теорема. Эгер a_1, a_2, $a_3, ..., a_n, ...$ айырмасы d болгон арифметикалык прогрессия болсо, анда анын n – мүчөсү

$a_n = a_1 + (n - 1)d$болот. (1)

1-маселе. Эгер $a_1 = 5$ жана $d = 2$ болсо, арифметикалык прогрессиянын 8–мүчөсүн тапкыла.

Чыгаруу: (1) формула боюнча

$a_8 = 5 + (8 - 1) \cdot 2 = 5 + 7 \cdot 2 = 19$

Жообу: $a_8 = 19$.

2-маселе. 1, 4, 7, 10, ... арифметикалык прогрессиясы берилген. 58 саны анын канчанчы мүчөсү болот?

Чыгаруу: Бул арифметикалык прогрессиянын айырмасын таап алабыз.

$d = a_2 - a_1 = 4 - 1 = 3;\ a_n = 58$

(1) формула боюнча $58 = 1 + (n-1)3 = 3n - 2$

$$3n - 2 = 58$$
$$3n = 58 + 2$$
$$3n = 60$$
$$n = 20$$

Жообу: $a_{20} = 58$.

3-маселе. 3, 5, 7,... арифметикалык прогрессиясынын n – мүчөсүнүн формуласын жазгыла.

Чыгаруу: Бул арифметикалык прогрессиянын айырмасын таап алабыз.

$$d = a_2 - a_1 = 5 - 3 = 2$$

Демек $d = 2;\ a_1 = 3$.

$a_n = a_1 + (n-1)d$ формуласы боюнча

$$a_n = 3 + (n-1)2 = 3 + 2n - 2 = 2n + 1$$

Жообу: $a_n = 2n + 1$.

4-маселе. Эгерде, $a_6 = 16$, $a_{10} = 28$ болсо, бул арифметикалык прогрессиянын n – мүчөсүнүн формуласын жазгыла.

Чыгаруу: (1) формуланы пайдаланып төмөндөгүлөрдү табабыз: $a_6 = a_1 + 5d$, $a_{10} = a_1 + 9d$

$\begin{cases} a_1 + 5d = 16 \\ a_1 + 9d = 28 \end{cases}$ Экинчи теңдемеден биринчи теңдемени кемитсек

$4d = 12 \Rightarrow d = 3$экендиги келип чыгат.

$a_1 = 16 - 5d = 16 - 5 \cdot 3 = 1;\ a_n = 1 + (n-1)3 = 3n - 2$

Жообу: $a_n = 3n - 2$.

3.3. Арифметикалык прогрессиянын касиеттери

1-теорема. Арифметикалык прогрессиянын биринчи мүчөсүнөн башка ар бир мүчөсү аны менен коңшулаш эки мүчөсүнүн арифметикалык орто маанисине барабар.

$$a_n = \frac{a_{n-1} + a_{n+1}}{2}, \text{ мында } n > 1.$$

1-маселе. Арифметикалык прогрессияда $a_6 = 26$,. $a_8 = 36$ болсо, анын жетинчи мүчөсүн тапкыла.

Чыгаруу: 1-теорема боюнча

$a_7 = \frac{a_6+a_8}{2} = \frac{26+36}{2} = \frac{62}{2} = 31.$

Жообу:$a_7 = 31$.

2-теорема .Эгер удаалаштыктын биринчи мүчөсүнөн башка ар бир мүчөсү анын коңшулаш эки мүчөсүнүн арифметикалык орто маанисине барабар болсо, анда ал удаалаштык арифметикалык прогрессия болуп эсептелет.

2-маселе. Үч бурчтуктун ички бурчтарынын градустук чени прогрессиянын удаалаш үч мүчөсү болуп эсептелет. Бул мүчөлөрдүн ортоңкусун тапкыла.

Чыгаруу: Үч бурчтуктун ички бурчтарынын суммасы 180^0 боло тургандыгы бизге белгилүү. Бурчтардын чоңдугу арифметикалык прогрессияны түзгөндүктөн, аларды төмөнкүдөй белгилеп алабыз.

a_1– биринчи бурч $a_1 + d$– экинчи бурч $a_1 + 2d$– үчүнчү бурч	Арифметикалык прогрессиянын 1–2–3-мүчөлөрү

$$a_1 + a_1 + d + a_1 + 2d = 180^0$$
$$3a_1 + 3d = 180^0$$
$$a_1 + d = 60^0$$

1-теореманын негизинде $a_1 + d = 60^0$ ортоңку бурчтун градустук чени болот.

3-маселе. Арифметикалык прогрессияда $a_5 + a_7 = 40$, $a_8 + a_{10} = 58$ болсо, анда $a_6 + a_9$ ну тапкыла.

Чыгаруу: 1–теорема боюнча $a_n = \frac{a_{n-1}+a_{n+1}}{2}$ формуласын пайдаланабыз.

$a_6 = \frac{a_5+a_7}{2} = \frac{40}{2} = 20$, $a_9 = \frac{a_8+a_{10}}{2} = \frac{58}{2} = 29$

Демек, $a_6 + a_9 = 20 + 29 = 49$.

Жообу: 49.

3.4. Арифметикалык прогрессиянын алгачкы пмүчөлөрүнүн суммасы

Теорема. Арифметикалык прогрессиянын алгачкы n мүчөсүнүн суммасы

(1) $S_n = \frac{a_1+a_n}{2} \cdot n$ге барабар.

1-маселе. Так натуралдык сандардын удаалаштыгынын алгачкы элүү мүчөсүнүн суммасын тапкыла.

Чыгаруу: Так натуралдык сандардын удаалаштыгы 1, 3, 5, ..., $2n-1$, ... айырмасы $d = 2$ болгон арифметикалык прогрессия болот.

Демек, $a_1 = 1$, $a_n = 2n - 1$, $a_{50} = 2 \cdot 50 - 1 = 99$

$n = 50$, $a_{50} = 99$.

$S_{50} = \frac{1+99}{2} \cdot 50 = \frac{100}{2} \cdot 50 = 2500.$

Жообу: 2500.

Прогрессиянын алгачкы n мүчөсүнүн суммасын биринчи мүчөсү жана прогрессиянын айырмасы d аркылуу төмөнкүдөй туюнтууга болот.

$$S_n = \frac{2a_1+(n-1)d}{2} \cdot n \qquad (2)$$

2-маселе. 8, 11, 14, ... арифметикалык прогрессиясынын алгачкы 20 мүчөсүнүн суммасын тапкыла.

Чыгаруу: $a_1 = 8, d = 3, n = 20$.

(2) формула боюнча $S_{20} = \frac{2\cdot 8+(20-1)3}{2} \cdot 20 = \frac{16+19\cdot 3}{2} \cdot 20 = 730$

Жообу: $S_{20} = 730$.

3-маселе. Эгер:

а) $a_1 = 2$, $a_n = 59$, $n = 20$;

б) $a_1 = 1$, $a_n = 79$, $n = 40$ болсо, анда арифметикалык прогрессиянын алгачкы n мүчөсүнүн суммасын тапкыла.

Чыгаруу: $S_n = \frac{a_1+a_n}{2} \cdot n$ формуласын пайдаланабыз.

а) $a_1 = 2$, $a_n = 59$, $n = 20$.

$S_{20} = \frac{2+59}{2} \cdot 20 = \frac{61}{2} \cdot 20 = 610$

Жообу: 610.

б) $a_1 = 1$, $a_n = 79$, $n = 40$.

$S_{40} = \frac{1+79}{2} \cdot 40 = \frac{80}{2} \cdot 40 = 1600$

Жообу: 1600.

4-маселе. 21 ден 50гө чейинки бардык эки орундуу сандардын суммасын тапкыла.

Чыгаруу: $a_1 = 21, \ a_n = 50, \ n = 30.$

$S_{30} = \frac{21+50}{2} \cdot 30 = \frac{71}{2} \cdot 30 = 2130$

Жообу: 2130.

5-маселе. $b^2, \ 2b^2, \ 3b^2, \ldots$ арифметикалык прогрессиясынын алгачкы 14 мүчөсүнүн суммасын тапкыла.

Чыгаруу: $a_1 = b^2, \ \ a_{14} = 14b^2, \ n = 14$

(1) формула боюнча $S_{14} = \frac{b^2+14b^2}{2} \cdot 14 = 15b^2 \cdot 7 = 105b^2$

Жообу: $105b^2$.

6-маселе. Эгер кошулуучулары арифметикалык прогрессиянын удаалаш мүчөлөрү болуп эсептелсе, сандардын төмөнкүдөй суммаларын тапкыла.

а) 6+8+10+...+104; б) 40+36+32+...+(–76).

Чыгаруу: а) $a_1 = 6, \ d = 2, \ a_n = 104.$

$a_n = a_1 + (n-1)d$ формуласы боюнча n ди табабыз.

$$104 = 6 + (n-1)2$$
$$6 + 2n - 2 = 104$$
$$2n = 104 - 4$$
$$n = 100:2$$
$$n = 50$$

Демек, 104 саны 50–мүчө болот.

(1) формула боюнча $S_{50} = \frac{6+104}{2} \cdot 50 = \frac{110}{2} \cdot 50 = 2750$

Жообу: 2750.

б) **Чыгаруу:** $a_1 = 40, \ d = -4, \ a_n = -76 n$ ди табабыз.

$$40 + (n-1)(-4) = -76$$
$$40 - 4n + 4 = -76$$
$$-4n = -120$$
$$n = -120:(-4) = 30$$

(1) формула боюнча $S_{30} = \frac{40+(-76)}{2} \cdot 30 = \frac{-36}{2} \cdot 30 = -540$

Жообу: -540.

7-маселе. n – мүчөсүнүн формуласы $a_n = 2n + 3$ арифметикалык прогрессиянын S_{40} ны тапкыла.

Чыгаруу: $a_n = 2n + 3$ формуласы боюнча прогрессиянын алгачкы мүчөлөрүн табабыз.

$$a_1 = 2 \cdot 1 + 3 = 5$$
$$a_{40} = 2 \cdot 40 + 3 = 83$$

$S_n = \frac{a_1 + a_n}{2} \cdot n$ формуласы боюнча

$$S_{40} = \frac{5 + 83}{2} \cdot 40 = 88 \cdot 20 = 1760$$

Жообу: 1760.

8-маселе. Арифметикалык прогрессияда $a_1 = 7$, $n = 15$, $S_{15} = 420$ болсо, a_n ди жана d ны тапкыла.

Чыгаруу: (2) формула боюнча

$420 = \frac{2 \cdot 7 \quad +14d}{2} \cdot 15$ теңдемесин алабыз

$$28 = 7 + 7d$$
$$7d = 28 - 7$$
$$d = 21 : 7 = 3$$
$$a_{15} = 7 + 14 \cdot 3 = 49$$
$$S_{15} = \frac{7 + 49}{2} \cdot 15 = \frac{56}{2} \cdot 15 = 420$$

Жообу: $d = 3, a_{15} = 49$.

3.1.–3.4. Көнүгүүлөр үчүн тапшырмалар

36. n – мүчөсүнүн формуласы аркылуу берилген удаалаштыктын алгачкы үч мүчөсүн тапкыла.

а) $a_n = 3n + 1$б)$a_n = 2 + 5n$

в)$a_n = 7n - 5$ г)$a_n = 2^{n+1}$

Чыгаруу: а) $a_1 = 3 \cdot 1 + 1 = 4$

$$a_2 = 3 \cdot 2 + 1 = 7$$
$$a_3 = 3 \cdot 3 + 1 = 10$$

Жообу: 4,7,10.

б) $a_1 = 2 + 5 \cdot 1 = 7$
$a_2 = 2 + 5 \cdot 2 = 12$
$a_3 = 2 + 5 \cdot 3 = 17$

Жообу: 7,12,17.

в)$a_1 = 7 \cdot 1 - 5 = 2$
$a_2 = 7 \cdot 2 - 5 = 9$
$a_3 = 7 \cdot 3 - 5 = 16$

Жообу: 2,9,16.

г) $a_1 = 2^{1+1} = 2^2 = 4$
$a_2 = 2^{2+1} = 2^3 = 8$
$a_3 = 2^{3+1} = 2^4 = 16$

Жообу: 4,8,16.

37. Удаалаштык n – мүчөсүнүн формуласы аркылуу берилген. Анын 5-мүчөсүн тапкыла.

а) $a_n = 5 \cdot 2^{n-1}$б)$a_n = \frac{n+7}{3n-1}$

в) $a_n = |n-9| - 3$г) $a_n = \left(\frac{1}{3}\right)^{n-1}$

Чыгаруу: а) $a_5 = 5 \cdot 2^{5-1} = 5 \cdot 2^4 = 5 \cdot \ \ 16 = 80$

Жообу:80.

б)$a_5 = \frac{5+7}{3 \cdot 5 - 1} = \frac{12}{14} = \frac{6}{7}$

Жообу: $\frac{6}{7}$.

в) $a_5 = |5-9| - 3 = |-4| - 3 = 4 - 3 = 1$

Жообу: 1.

г) $a_5 = \left(\frac{1}{3}\right)^{5-1} = \left(\frac{1}{3}\right)^4 = \frac{1}{81}$

Жообу: $\frac{1}{81}$.

38. Удаалаштык $a_1 = 2$ шарты менен $a_{n+1} = 2a_n - 1$ рекурренттик формуласы аркылуу берилген. Удаалаштыктын алгачкы төрт мүчөсүн тапкыла.

Чыгаруу: $a_2 = 2 \cdot 2 - 1 = 3$
$a_3 = 2 \cdot 3 - 1 = 5$
$a_4 = 2 \cdot 5 - 1 = 9$

Жообу: 2,3,5,9.

39. $a_1, a_2, a_3, ..., a_n, ...$ арифметикалык прогрессиясынан

а) Эгерде, $a_1 = 5, d = 2$ болсо, a_{12} ни;

б) Эгерде, $a_1 = 4, d = -3$ болсо, a_{18} ни тапкыла.

Чыгаруу: $a_n = a_1 + (n-1)d$ формуласы боюнча табабыз.

а) $a_{12} = 5 + (12-1)2 = 5 + 22 = 27;$

б) $a_{18} = 4 + (18-1)(-3) = 4 - 51 = -47.$

Жообу: а) 27; б) –47.

40. Эгер:

а) $a_1 = 7, \ a_{15} = 49;$ б) $a_1 = 12, \ a_{20} = 88$ болсо, анда арифметикалык прогрессиянын айырмасын тапкыла.

Чыгаруу:

$$a_{15} = 7 + (15-1)d \qquad a_{20} = 12 + (20-1)d$$
$$49 = 7 + 14d \qquad 88 = 12 + 19d$$
$$14d = 42 \qquad 19d = 76$$
$$d = 42:14 \qquad d = 76:19$$
$$d = 3 \qquad d = 4$$

Жообу: а) $d = 3;$ б) $d = 4.$

41. а) $a_3 = 11, \ a_8 = 26;$ б) $a_2 = 8, \ a_5 = 2$ болсо, анда арифметикалык прогрессиянын n – мүчөсүнүн формуласын жазгыла.

Чыгаруу: $a_n = a_1 + (n-1)d$ формуласынын негизинде

а) $a_3 = a_1 + 2d$, $a_8 = a_1 + 7d$

$\begin{cases} a_1 + 2d = 11 \\ a_1 + 7d = 26 \end{cases}$ 2–теңдемеден 1-теңдемени мүчөлөп кемитебиз

$$5d = 15$$
$$d = 15:5$$
$$d = 3a_1 + 2 \cdot 3 = 11 \text{ мындан } a_1 = 5$$

Демек, $a_n = 5 + (n-1)3 = 3n + 2$

Жообу: $a_n = 3n + 2.$

б) $a_2 = a_1 + d$, $a_5 = a_1 + 4d$

$\begin{cases} a_1 + d = 8 \\ a_1 + 4d = 2 \end{cases}$ 2–теңдемеден 1-теңдемени мүчөлөп кемитебиз

$$3d = -6$$
$$d = (-6):3$$
$$d = -2a_1 + (-2) = 8 \Rightarrow a_1 = 10$$

Демек, $a_n = 10 + (n-1)(-2) = 12 - 2n$

Жообу: $a_n = 12 - 2n.$

42. 15 саны 50, 45, 40,... арифметикалык прогрессиясынын мүчөсү болуп эсептелет. Ошол мүчөнүн номерин тапкыла.

Чыгаруу: $a_1 = 50,\ d = -5,\ a_n = 15n$ ди табабыз.

$$a_n = 50 + (n-1)(-5) = 55 - 5n$$
$$55 - 5n = 15$$
$$-5n = 15 - 55$$
$$-5n = -40$$
$$n = 8$$

Жообу: 8 мүчө.

43. Эгер, $a_{14} = 81$ жана $a_{16} = 93$ болсо, арифметикалык прогрессиянын он бешинчи жана биринчи мүчөсүн тапкыла.

Чыгаруу: $a_n = \frac{a_{n-1}+a_{n+1}}{2}$ формуласын пайдаланабыз.

$a_{15} = \frac{a_{14}+a_{16}}{2} = \frac{81+93}{2} = 87$; демек, $d = 6$

$$a_1 + 14 \cdot 6 = 87$$
$$a_1 = 87 - 84 = 3$$

Жообу: $a_1 = 3;\ a_{15} = 87$.

44. –7 жана 5 сандарынын арасына арифметикалык прогрессиясынын удаалаш төрт мүчөсү келип чыга тургандай эки санды коюп чыккыла.

Чыгаруу: Маселенин шарты боюнча

$a_1 = -7,\ a_4 = 5$ болот.

$$a_4 = a_1 + 3d$$
$$-7 + 3d = 5$$
$$3d = 12$$
$$d = 4$$

Демек, $a_2 = a_1 + d = -7 + 4 = -3$

$$a_3 = a_2 + d = -3 + 4 = 1$$

Жообу: –3 жана 1 сандары коюлат.

45. a жана b сандарынын арасына арифметикалык прогрессиянын удаалаш төрт мүчөсү келип чыга тургандай эки санды коюп чыккыла.

Чыгаруу: Маселенин шарты боюнча $a_1 = a,\ \ a_4 = b$ болот. Эми прогрессиянын айырмасын табабыз.

$$a_1 + 3d = a_4$$
$$a + 3d = b$$
$$3d = b - a$$

$$d = \frac{b-a}{3}$$

Демек, $a_2 = a_1 + d = a + \frac{b-a}{3} = \frac{2a+b}{3}$; $a_3 = \frac{2a+b}{3} + \frac{b-a}{3} = \frac{a+2b}{3}$

Жообу: , $a_2 = \frac{2a+b}{3}$; $a_3 = \frac{a+2b}{3}$

46. Эгер: а) $a_1 = \sqrt{5}$, $a_n = \sqrt{5} + 10, n = 6$;

б) $a_1 = b + c$, $a_n = 8b - 6c, n = 8$болсо, анда арифметикалык прогрессиянын алгачкы n мүчөсүнүн суммасын тапкыла.

Чыгаруу: а) $S_n = \frac{a_1+a_n}{2} \cdot n$ формуласын пайдаланабыз.

$$S_6 = \frac{\sqrt{5} + \sqrt{5} + 10}{2} \cdot 6 = \left(2\sqrt{5} + 10\right) \cdot 3 = 6\sqrt{5} + 60$$

Жообу: $6\sqrt{5} + 60$.

б) $a_1 = b + c$, $a_n = 8b - 6c, n = 8$.

$$S_8 = \frac{b + c + 8b - 6c}{2} \cdot 8 = (9b - 5c) \cdot 4 = 36b - 20c$$

Жообу: $S_8 = 36b - 20c$.

47. 11 ден 200 гө чейинки бардык так сандардын суммасын тапкыла.

Чыгаруу: 11 ден 200 гө чейинки так сандар айырмасы $d = 2$ болгон арифметикалык прогрессия. Так сандардын саны 95. Демек, $a_1 = 11$, $d = 2$, $n = 95$.

$$S_{95} = \frac{2 \cdot 11 + 94 \cdot 2}{2} \cdot 95 = \frac{210}{2} \cdot 95 = 9975$$

Жообу: 9975.

48. Эгер: а) $n = 15$ болсо, 5,8,11,...

б) $n = 10$ болсо, $\frac{2}{3}$, 1, $\frac{4}{3}$, ... арифметикалык прогрессиясынын n мүчөсүнүн суммасын тапкыла.

Чыгаруу: а) Берилген прогрессияда $a_1 = 5$, $d = 3$, $n = 15$.

(2) формула боюнча $S_{15} = \frac{2 \cdot 5 + (15-1) \cdot 3}{2} \cdot 15 = \frac{52}{2} \cdot 15 = 390$

Жообу: 390.

б) $\frac{2}{3}$, 1, $\frac{4}{3}$, ... арифметикалык прогрессиясында

$a_1 = \frac{2}{3},\ d = \frac{1}{3},\ n = 10.$

Демек, $S_{10} = \frac{2\cdot\frac{2}{3}+(10-1)\cdot\frac{1}{3}}{2} \cdot 10 = \frac{\frac{4}{3}+3}{2} \cdot 10 = 4\frac{1}{3} \cdot 5 = \frac{65}{3} = 21\frac{2}{3}$

Жообу: $21\frac{2}{3}$.

49. Арифметикалык прогрессия n– мүчөсүнүн формуласы менен берилген. Эгер:

а) $a_n = 2n + 7$; б) $a_n = 12 - 5n$ болсо, S_{40}ты тапкыла.

Чыгаруу: а) $a_n = 2n + 7, n = 40,$

$a_1 = 2 \cdot 1 + 7 = 9$

$a_{40} = 2 \cdot 40 + 7 = 87$

(1) формула боюнча $S_{40} = \frac{9+87}{2} \cdot 40 = 96 \cdot 20 = 1920$

Жообу: 1920.

б) $a_n = 12 - 5n,\ n = 40,$

$a_1 = 12 - 5 \cdot 1 = 7$

$a_{40} = 12 - 5 \cdot 40 = -188$

(1) формула боюнча $S_{40} = \frac{7-188}{2} \cdot 40 = (-181) \cdot 20 = -3620$

Жообу: $S_{40} = -3620$.

50. Кошулуучулары арифметикалык прогрессиянын удаалаш мүчөлөрү болгон сандардын төмөнкүдөй суммасын тапкыла.

а) 25+32+39+...+375; б) –15+(–12)+(–9)+...+69.

Чыгаруу:

а) $a_1 = 25,\ d = 7\ a_n = 375\ a_n = a_1 + (n-1)d$ формуласы аркылуу nди таап алабыз.

$$375 = 25 + (n - 1) \cdot 7$$

$$25 + 7n - 7 = 375$$

$$7n = 375 - 18$$

$$7n = 357$$

$$n = 51.$$

Демек, $a_{51} = 375$ болот. (1) формула боюнча $s_{51} = \frac{25+375}{2} \cdot 51 =$

$$= \frac{400}{2} \cdot 51 = 200 \cdot 51 = 10200$$

Жообу: 10200.

б) $a_1 = -15,\ d = 3,\ a_n = 69$.n ди табабыз.

$$-15 + (n-1)3 = 69$$
$$-15 + 3n - 3 = 69$$
$$3n = 69 + 18$$
$$3n = 87$$
$$n = 29$$

Демек, $a_{29} = 69$ (1) формула боюнча сумманы табабыз

$$s_{29} = \frac{-15+69}{2} \cdot 29 = 27 \cdot 69 = 1863.$$

Жообу: 1863.

51. Эгер: $s_4 = 52,\ s_7 = 154$ болсо, арифметикалык прогрессиянын биринчи мүчөсүн жана айырмасын тапкыла.

Чыгаруу: Изделүүчү прогрессия $a_1,\ a_2,\ a_3, \dots, a_7, \dots$болсун. Анда, анын биринчи мүчөсү a_1, айырмасы d болот.

$S_n = \frac{a_1+a_n}{2} \cdot n$ формуласын пайдаланабыз

$a_4 = a_1 + 3d,\quad a_7 = a_1 + 6d.$

$$s_4 = \frac{a_1 + a_4}{2} \cdot 4 = \frac{a_1 + a_1 + 3d}{2} \cdot 4 = (2a_1 + 3d) \cdot 2 = 4a_1 + 6d;$$
$$4a_1 + 6d = 52.$$
$$s_7 = \frac{a_1 + a_7}{2} \cdot 7 = \frac{a_1 + a_1 + 6d}{2} \cdot 7 = \frac{2(a_1 + 3d)}{2} \cdot 7 == 7a_1 + 21d;$$

$7a_1 + 21d = 154.$

Теңдемелер системасын түзүп алабыз.

$$\begin{cases} 4a_1 + 6d = 52 \\ 7a_1 + 21d = 154 \end{cases} \Rightarrow \begin{cases} 2a_1 + 3d = 26 \\ a_1 + 3d = 22 \end{cases} \Rightarrow \quad a_1 - 4$$

1-теңдемеден 2-теңдемени мүчөлөп кемитебиз.

$a_1 = 4$ a_1 дин маанисин 2-теңдемеге коюп $4 + 3d = 22$

$3d = 18$, $d = 6$ айырманы табабыз.

Жообу: $a_1 = 4,\ \ d = 6.$

3.5. Геометриялык прогрессия

Аныктама. Биринчи мүчөсү нөлдөн айырмалуу, ал эми экинчи мүчөсүнөн баштап улам кийинки мүчөсү мурункусун нөлдөн башка бир эле санга көбөйткөндөн пайда болгон сан удаалаштыгы геометриялык прогрессия деп аталат.

Геометриялык прогрессиянын $(n+1)$– мүчөсүн n– мүчөсүнө бөлгөндөгү тийинди nдин бардык маанилери үчүн бирдей сан болот. Бул сан геометриялык прогрессиянын бөлүмү деп аталат жана qтамгасы менен белгиленет.

$b_1, b_2, b_3, \dots, b_n, \dots$удаалаштыгы $b_{n+1} = b_n \cdot q$шарты аткарылганда гана геометриялык прогрессия болот.

Мисалдар: 3, 6, 12, 24,...– бул бөлүмү $q = 3$ болгон геометриялык прогрессия;

$1, -\frac{1}{4}, \frac{1}{16}, -\frac{1}{64}, \dots$ –бул бөлүмү $q = -\frac{1}{4}$ болгон геометриялык прогрессия.

Теорема. Эгер $b_1, b_2, b_3, \dots, b_n, \dots$ бөлүмү q болгон геометриялык прогрессия болсо, анда анын n мүчөсү

$b_n = b_1 \cdot q^{n-1}$ (1) болот.

1-маселе. Эгер $b_1 = 3$ жана $q = 2$ болсо, анда геометриялык прогрессиянын бешинчи мүчөсүн тапкыла.

Чыгаруу: (1) формула боюнча

$$b_5 = 3 \cdot 2^{5-1} = 3 \cdot 2^4 = 3 \cdot 16 = 48$$

Жообу: $b_5 = 48$.

2-маселе. $2, \frac{1}{2}, \frac{1}{8}, \dots$ геометриялык прогрессиясынынn – мүчөсүнүн формуласын жазгыла.

Чыгаруу: $b_1 = 2, \quad q = b_2 : b_1 = \frac{1}{2} : 2 = \frac{1}{4}$

Демек, $b_n = b_1 \cdot q^{n-1} = 2 \cdot \left(\frac{1}{4}\right)^{n-1}$

Жообу: $b_n = 2 \cdot \left(\frac{1}{4}\right)^{n-1}$.

3-маселе. 405 саны 5, 15, 45, ... геометриялык прогрессиясынын канчанчы мүчөсү болот?

Чыгаруу: Бул геометриялык прогрессиянын бөлүмүн таап алабыз.$q = b_2 : b_1 = \frac{15}{5} = 3$

(1) формула боюнча $b_n = 5 \cdot 3^{n-1}$ болот.

$$5 \cdot 3^{n-1} = 405 \Rightarrow 3^{n-1} = 81 \Rightarrow 3^{n-1} = 3^4$$

$$n - 1 = 4 \Rightarrow n = 5$$

Жообу: $n = 5$.

4-маселе. $b_1,\ b_2,\ b_3, \dots, b_n, \dots$ геометриялык прогрессиясы берилген. Эгер $b_1 = 2$, $b_5 = 162$ болсо, анда анын бөлүмүн тапкыла.

Чыгаруу: (1) формула боюнча

$$b_5 = b_1 \cdot q^4 \Rightarrow 2q^4 = 162 \Rightarrow q^4 = 81 \Rightarrow q = 3.$$

Жообу: $q = 3$.

5-маселе. Эгер: $b_1 = \frac{1}{81}$ жана $b_6 = 3$ болсо, анда бул геометриялык прогрессиянын төртүнчү мүчөсүн тапкыла.

Чыгаруу: $b_1 = \frac{1}{81}$, $b_6 = 3$ (1) формула боюнча

$$b_6 = b_1 \cdot q^5 \Rightarrow b_1 \cdot q^5 = 3 \Rightarrow \frac{1}{81} \cdot q^5 = 3 \Rightarrow q^5 = 3 : \frac{1}{81} = 3 \cdot 81 = 243$$

$$q^5 = 3^5 \Rightarrow q = 3$$

$$b_4 = b_1 \cdot q^3 = \frac{1}{81} \cdot 3^3 = \frac{1}{81} \cdot 27 = \frac{1}{3}$$

Жообу: $b_4 = \frac{1}{3}$.

3.6. Геометриялык прогрессиянын касиеттери

1-теорема. Геометриялык прогрессиянын биринчи мүчөсүнөн башка ар бир мүчөсүнүн квадраты аны менен коңшулаш эки мүчөсүнүн көбөйтүндүсүнө барабар, б.а.

$b_n^2 = b_{n-1} \cdot b_{n+1}$, мында $n > 1$.

1-маселе. Эгер, $b_2 = 2,\ b_4 = 8$ болсо, анда геометриялык прогрессиянын алгачкы алты мүчөсүн тапкыла.

Чыгаруу: $b_2 = 2,\ b_4 = 8$ 1–теорема боюнча b_3 тү таап алабыз.

$b_3^2 = b_2 \cdot b_4 = 2 \cdot 8 = 16$ Демек, $b_3 = 4$, эми q ну табабыз. Аныктаманы пайдаланабыз

$$b_2 \cdot q = b_3 \Rightarrow 2q = 4 \Rightarrow q = 2$$

$$b_1 = b_2 : q,\ \ b_1 = 2 : 2 = 1,\ b_5 = b_1 \cdot q^4 = 1 \cdot 2^4 = 16,\ b_6 = 32.$$

Ошентип, 1, 2, 4, 8, 16, 32 геометриялык прогрессиясын таптык.

Жообу: 1,2,4,8,16,32.

2-маселе. Эгер $b_3 = \frac{1}{8}$, $b_5 = \frac{1}{2}$ болсо, анда бул геометриялык прогрессиянын 8-мүчөсүн тапкыла.

Чыгаруу: 1-теореманын негизинде $b_4^2 = b_3 \cdot b_5 = \frac{1}{8} \cdot \frac{1}{2} = \frac{1}{16}$

$b_4 = \frac{1}{4}$, $q = b_4 : b_3 = \frac{1}{4} : \frac{1}{8} = 2$, $b_1 = b_3 : q^2 = \frac{1}{8} : 4 = \frac{1}{32}$

демек, $q = 2$ анда $b_8 = b_1 \cdot q^7 = \frac{1}{32} \cdot 2^7 = \frac{1}{32} \cdot 128 = 4$

Жообу: $b_8 = 4$.

3.7. Геометриялык прогрессиянын алгачкы n мүчөсүнүн суммасы

Теорема. Бөлүмү $q \neq 1$ болгон геометриялык прогрессиянын n мүчөсүнүн суммасы $S_n = \frac{b_1(1-q^n)}{1-q}$ болот.

1-маселе. 8, 4, 2,.. геометриялык прогрессиясынын алгачкы алты мүчөсүнүн суммасын тапкыла.

Чыгаруу: $b_1 = 8$, $q = \frac{1}{2}$ болгондуктан $S_n = \frac{b_1(1-q^n)}{1-q}$ формуласы боюнча

$$S_6 = \frac{8\left(1 - \left(\frac{1}{2}\right)^6\right)}{1 - \frac{1}{2}} = \frac{8(1 - \frac{1}{64})}{\frac{1}{2}} = \frac{8 \cdot 63 \cdot 2}{64} = 15\frac{3}{4}$$

Жообу: $S_6 = 15\frac{3}{4}$.

Геометриялык прогрессияда $q > 1$ болгон учурда, анын мүчөлөрүнүн суммасын $S_n = \frac{b_1(q^n-1)}{q-1}$ формуласы менен эсептөө ыңгайлуу.

2-маселе. 3, 6, 12, ... прогрессиясынын алгачкы он мүчөсүнүн суммасын тапкыла.

Чыгаруу: $b_1 = 3$, $q = 2$ $n = 10$.

$s_n = \frac{b_1(q^n-1)}{q-1}$формуласы боюнча $s_{10} = \frac{3\cdot(2^{10}-1)}{2-1} = \frac{3\cdot 1023}{1} = 3072$;

Жообу: $s_{10} = 3072$.

Геометриялык прогрессиянын алгачкы n мүчөсүнүн суммасынын $s_n = \frac{b_n \cdot q - b_1}{q-1}$формуласы аркылуу да эсуптөөгө болот.

3-маселе. Кошулуучулары геометриялык прогрессия болгон 1+3+9+...+729 суммасын тапкыла.

Чыгаруу: $b_1 = 1,\ q = 3,\ b_n = 729$. Анда $s_n = \frac{b_n \cdot q - b_1}{q-1}$ формуласы боюнча $s_n = \frac{729\cdot 3-1}{3-1} = \frac{2187-1}{2} = \frac{2186}{2} = 2093$

Жообу: $s_n = 2093$.

4-маселе. $-1, -2, -4,\ldots$ геометриялык прогрессиянын алгачкы n мүчөсүнүн суммасы–63кө барабар. *n* ди тапкыла.

Чыгаруу: $b_1 = -1,\ q = 2,\ s_n = -63$.

$s_n = \frac{b_1(q^n-1)}{q-1}$формуласын пайдаланабыз.

$$-63 = \frac{-1(2-1)}{2-1} = \frac{-1\cdot(2^n-1)}{1} = -1\cdot(2^n-1)$$

$$2^n - 1 - 63,\quad 2^n = 64,\qquad 2^n = 2^6,\quad n = 6$$

Жообу: *n*=6.

3.8. Чексиз кемүүчү геометриялык прогрессия жана анын суммасы

Аныктама.

Бөлүмү $|q|<|$болгон геометриялык прогрессия чексиз кемүүчү геометриялык прогрессия деп аталат.

Чексиз кемүүчү геометриялык прогрессияда n чексизге жакындаган сайын bn нөлгө умтулат, б.а.

$$n \to \infty,\qquad b_n = b_1 q^{n-1} \to 0.$$

1-маселе. nдин кайсы маанисинде $1, \frac{1}{5}, \frac{1}{25}, \ldots, \frac{1}{5^{n-1}}$? ... геометриялык прогрессиясында, прогрессиянын мүчөлөрү 0,05тен кичине?

Чыгаруу:$\frac{1}{5^{n-1}} < \frac{5}{100}$; мындан $5^n > 100$ $5^2 = 25 < 100$, ал эми $5^3 = 125 > 100$ болот. демек $\frac{1}{5^{n-1}} \leq 0{,}05$ болуш үчүн $n \geq 4$болуш керек.

Жообу: $n \geq 4$.

2-маселе. –125, –25, –5, ...геометриялык прогрессиясы чексиз кемүүчү геометриялык прогрессия экендигин далилдегиле.

Далилдөө: $b_1 = -125,\ q = \frac{1}{5},\quad b_n = -125\cdot q^{n-1}$.

Эгер n=3 болсо, $|b_3| = 5$.

Эгер n=4 болсо, $|b_4| = 1$

n номери улам өскөн сайын прогрессиянын bn мүчөсү модулу боюнча кичирейип жатат.

$q = \frac{1}{5} < 1$ болгондуктан аныктаманын негизинде бул прогрессия чексиз кемүүчү прогрессия болот.

Чексиз кемүүчү геометриялык прогрессиянын суммасы $s = \frac{b_1}{1-q}$болот.

$b_1 = 1$болгондо, $s = \frac{1}{1-q}$болот.

$1 + q + q^2 + \cdots + q^{n+1} = \frac{1}{1-q}$ бул барабардык $|q| < 1$ болгондо гана аткарылат.

3-маселе. Чексиз кемүүчү $\frac{1}{3}, \frac{1}{6}, \frac{1}{12}, \frac{1}{24}, \ldots$ геометриялык прогрессиянын суммасын тапкыла.

Чыгаруу:

$$b_1 = \frac{1}{3}, \quad q = \frac{b_2}{b_1} = \frac{\frac{1}{6}}{\frac{1}{3}} = \frac{1}{2}; \quad s = \frac{b_1}{1-q}; \quad s = \frac{\frac{1}{3}}{1-\frac{1}{2}} = \frac{\frac{1}{3}}{\frac{1}{2}} = \frac{2}{3};$$

4-маселе. Төмөнкү чексиз кемүүчү геометриялык рогрессиялардын суммасын тапкыла.

$$\text{а) } 1, \frac{1}{2}, \frac{1}{4}, \frac{1}{8}, \ldots \qquad \text{б) } -5, -1, -\frac{1}{5}, -\frac{1}{25}, \ldots$$

Чыгаруу: $s = \frac{b_1}{1-q}$ формуласын колдонобуз.

а) $b_1 = 1;\ q = \frac{b_2}{b_1} = \frac{\frac{1}{2}}{1} = \frac{1}{2};\ s = \frac{1}{1-\frac{1}{2}} = \frac{1}{\frac{1}{2}} = 2.$

Жообу: S=2.

б) $b_1 = -5;\ q = \frac{b_2}{b_1} = \frac{-1}{-5} = \frac{1}{5};\ s = \frac{-5}{1-\frac{1}{5}} = \frac{-5}{\frac{4}{5}} = -\frac{25}{4} = -6\frac{1}{4}.$

Жообу: s=$-6\frac{1}{4}$.

5-маселе. Чексиз кемүүчү геометриялык прогрессияя жалпы мүчөсүнүн формуласы аркылуу берилген. Эгер:

а) $b_n = (\frac{1}{3})^n$, б) $b_n = \frac{5}{2^{n-1}}$ болсо, анда анын суммасын тапкыла.

Чыгаруу: а) $b_n = (\frac{1}{3})^n,\ b_1 = \frac{1}{3},\ b_2 = \frac{1}{9},\ b_3 = \frac{1}{27}, ..$

$$q = \frac{1}{3}, \quad s = \frac{b_1}{1-q}$$

формуласын колдонобуз.

$$s = \frac{\frac{1}{3}}{1-\frac{1}{3}} = \frac{\frac{1}{3}}{\frac{2}{3}} = \frac{1}{2}$$

Жообу: $s = \frac{1}{2}$.

б) $b_n = \frac{5}{2^{n-1}}$; $\quad b_1 = \frac{5}{2^0} = \frac{5}{1} = 5, \quad b_2 = \frac{5}{2^1} = \frac{5}{2},$

$$q = \frac{b_2}{b_1} = \frac{\frac{5}{2}}{5} = \frac{1}{2}; \quad s = \frac{5}{1-\frac{1}{2}} = \frac{5}{\frac{1}{2}} = 10$$

Жообу: s=10.

3.9. Математикалык индукция методу жөнүндө түшүнүк

Кандайдыр бир формуланын каалагандай натуралдык сан үчүн туура экендигин далилдөө талап кылынсын дейли.

Анда ал үчүн: 1) берилген формуланын $n=1$ үчүн тууралыгы текшерилет;

2) Эгер ал формула $к$ саны үчүн туура болсо анда $к$ дан кийинки к+1 саны үчүн тууралыгы далилденет.

Далилдөөдө колдонулган бул метод математикалык индукция методу деп аталат.

1-маселе. Айырмасы d болгон $a_1, a_2, a_3 \dots, a_n, \dots$ арифметикалык прогрессиясынын жалпы мүчөсүнүн формуласы

$$a_n = a_1 + (n-1)d \qquad (1)$$

боло тургандыгын далилдегиле.

Далилдөө: $n=1$ үчүн (1) формула туура:

$$a_1 = a_1 + (1-1) \cdot d = a_1$$

2) (1) формула k саны үчүн туура болсо, анда ал k+1 саны үчүн да туура боло тургандыгын, б.а.

$$a_k = a_1 + (k-1)d$$
$$a_{k+1} = a_1 + kd$$

Формуласынын тууралыгын далилдейбиз.

Арифметикалык прогрессиянын аныктамасы боюнча

$a_{k+1} = (a_1 + (k-1)d) + d = a_1 + kd - d + d = a_1 + kd.$ демек (1) формуланын тууралыгы далилденди.

2-маселе. Математикалык индукция методу менен төмөнкү баоабардыктын тууралыгын текшергиле.

$$2 + 5 + 8 + \cdots + 3n - 1 = \frac{n(3n+1)}{2}; \qquad (2)$$

Далилдөө 1) $n = 1$ болгондо

$$2 = \frac{1\cdot(3\cdot 1+1)}{2} = 2, \text{ демек, } \frac{n(3n+1)}{2} \text{ формуласы туура.}$$

2) k натуралдык саны үчүн

$2 + 5 + 8 + \cdots + 3k - 1 = \frac{k(3k+1)}{2}$ барабардыгы (3) туура болсо, анда ал $k + 1$ үчүн да туура б.а.

$$2 + 5 + 8 + \cdots + (3k-1) + (3k+1) = \frac{(k+1)(3k+4)}{2} \ (4)$$

барабардыгынын туура боло тургандыгын далилдейли.

(3) барабардыктын эки жагына тең $3k + 2$ ни б.а. $k + 1$-чи кошулуучуну кошолу

$$2 + 5 + 8 + \cdots + (3k-1) + (3k+2) = \frac{k(3k+1)}{2} + (3k+2)$$

$$\frac{k(3k+1)}{2} + (3k+2) = \frac{3k^2 + k + 6k + 4}{2} =$$

$$= \frac{3k^2 + 3k + 4k + 4}{2} = \frac{3k(k+1) + 4(k+1)}{2} = \frac{(k+1)(3k+4)}{2}$$

болгондуктан (4) формуласы туура.

Демек, (2) барабардыктын тууралыгы далилденди.

3.5.–3.9 Көнүгүүлөр үчүн тапшырмалар

52. Төмөнкү геометриялык прогрессиянын $n-$ мүчөсүнүн формуласын жазгыла.

а) 2,6,18,.... б) 7, –7, 7,....

в) $m + 2,\ (m+2)(m+1),\ (m+2)(m+1)^2, \ldots$

г) $2, 2\sqrt{2}, 4, \ldots$

Чыгаруу: а) 2, 6, 18, ... бул геометриялык прогрессияда

$b_1 = 2, b_2 = 6,\ q = \frac{b_2}{b_1} = \frac{6}{2} = 3$

(1) формула боюнча $b_n = 2 \cdot 3^{n-1}$болот.

б) 7, –7, 7,.... геометриялык прогрессиясында

$b_1 = 7, b_2 = -7,\ q = \frac{-7}{7} = -1$

Демек, $b_n = 7 \cdot (-1)^{n-1}$.

в) $m + 2,\ (m+2)(m+1),\ (m+2)(m+1)^2, \ldots$ прогрессиясында $b_1 = m + 2, b_2 = (m+2)(m+1)$,

$$q = \frac{(m+2)(m+1)}{m+2} = m+1$$

Демек, $b_n = (m+2)(m+1)^{n-1}$.

г) $2, 2\sqrt{2}, 4, \ldots$геометриялык прогрессиясында

$b_1 = 2, b_2 = 2\sqrt{2},\ q = \frac{2\sqrt{2}}{2} = \sqrt{2}$

Демек, $b_n = 2 \cdot (\sqrt{2})^{n-1}$.

53. Геометриялык прогрессия n – мүчөсүнүн формуласы менен берилген. Анын алгачкы төрт мүчөсүн тапкыла.

а) $b_n = 5 \cdot 3^{n-1}$ б) $b_n = 9 \cdot \left(\frac{1}{3}\right)^{n-1}$

Чыгаруу: а) $b_n = 5 \cdot 3^{n-1};\ \ b_1 = 5 \cdot 3^{1-1} = 5 \cdot 3^0 = 5 \cdot 1 = 5;$
$b_2 = 5 \cdot 3^{2-1} = 5 \cdot 3^1 = 15;\ b_3 = 5 \cdot 3^{3-1} = 5 \cdot 3^2 = 45;$
$b_4 = 5 \cdot 3^{4-1} = 5 \cdot 3^3 = 5 \cdot 27 = 135.$

Жообу: 5, 15, 45, 135.

б) $b_n = 9 \cdot \left(\frac{1}{3}\right)^{n-1};\quad b_1 = 9 \cdot \left(\frac{1}{3}\right)^{1-1} = 9 \cdot \left(\frac{1}{3}\right)^0 = 9;$

$b_2 = 9 \cdot \left(\frac{1}{3}\right)^{2-1} = 9 \cdot \frac{1}{3} = 3;$

$b_3 = 9 \cdot \left(\frac{1}{3}\right)^{3-1} = 9 \cdot \left(\frac{1}{3}\right)^2 = 9 \cdot \frac{1}{9} = 1;$

$b_4 = 9 \cdot \left(\frac{1}{3}\right)^{4-1} = 9 \cdot \left(\frac{1}{3}\right)^3 = 9 \cdot \frac{1}{27} = \frac{1}{3}.$

Жообу: 9, 3, 1, $\frac{1}{3}$.

54. $b_1,\ b_2,\ b_3, \ldots, b_n, \ldots$ геометриялык прогрессиясында:

а) Эгер $b_1 = 2, q = \frac{1}{3}$ болсо, анда b_4тү;

б) Эгер $b_1 = -3, q = 10$ болсо, анда b_5ти эсептеп чыккыла.

Чыгаруу: а) $b_1 = 2, q = \frac{1}{3}; b_n = b_1 \cdot q^{n-1}$ формуласы боюнча

$b_4 = 2 \cdot \left(\frac{1}{3}\right)^{4-1} = 2 \cdot \left(\frac{1}{3}\right)^3 = 2 \cdot \frac{1}{27} = \frac{2}{27}$

Жообу: $\frac{2}{27}$.

б) $b_1 = -3, q = 10$

$$b_5 = -3 \cdot 10^{5-1} = -3 \cdot 10^4 = -30000$$

Жообу: –30000.

55. Төмөнкү геометриялык прогрессиянын бөлүмүн тапкыла.

а) $b_1 = 3; \quad b_7 = 192.$ б) $b_1 = 375; \quad b_4 = 3.$

Чыгаруу:

а) $b_1 = 3; \quad b_7 = 192.$

$b_n = b_1 q^{n-1}$ формуласы боюнча

$$b_7 = 3q^{7-1}$$
$$3q^6 = 192$$
$$q^6 = 192{:}\,3 = 64$$
$$q^6 = 2^6$$
$$q = 2$$

Жообу : $q = 2$

б) $b_1 = 375; \quad b_4 = 3.$

$$b_4 = 375q^3$$
$$375q^3 = 3$$
$$q^3 = \frac{3}{375} = \frac{1}{125}$$
$$q^3 = \left(\frac{1}{5}\right)^3$$
$$q = \frac{1}{5}$$

Жообу: $q = \frac{1}{5}$

56. 4, 8, 16, ... 512, ... геометриялык прогрессиясынын 512ге барабар болгон мүчөсүнүн номерин тапкыла.

Чыгаруу: $b_n = b_1 q^{n-1}$ формуласын пайдаланабыз.

$$b_1 = 4, q = 2, b_n = 512$$
$$4 \cdot 2^{n-1} = 512$$
$$2^{n-1} = 512{:}\,4 = 128$$
$$2^{n-1} = 2^7$$
$$n - 1 = 7$$
$$n = 8$$

Жообу: $b_8 = 512, n = 8$

57. $b_3 = 1, \quad b_7 = 81$ прогрессиясынын биринчи мүчөсүн, бөлүмүн жана n – мүчөсүнүн формуласын тапкыла.

Чыгаруу: $b_3 = 1, \ b_7 = 81.$ $b_n = b_1 q^{n-1}$ формуласын пайдаланабыз.

$$\begin{cases} b_3 = b_1 q^2 \\ b_7 = b_1 q^6, \end{cases} \quad \begin{cases} b_1 q^2 = 1 \\ b_1 q^6 = 81, \end{cases} \quad \begin{cases} b_1 = \dfrac{1}{q^2} \\ \dfrac{1}{q^2} q^6 = 81, \end{cases} \quad q^4 = 81, \quad q^4 = 3^4$$

Демек, $q = 3, \ b_1 = \frac{1}{3^2} = \frac{1}{9}, \ b_n = \frac{1}{9} \cdot 3^{n-1}$

Жообу: $b_1 = \frac{1}{9}, \ q = 3, \ b_n = \frac{1}{9} \cdot 3^{n-1}.$

58. Эгер $b_3 = 12a^2$, $b_8 = 384a^7$ болсо, анда геометриялык прогрессиянын биринчи мүчөсүн, бөлүмүн жана n – мүчөсүнүн формуласын тапкыла.

Чыгаруу: $b_3 = 12a^2$, $b_8 = 384a^7$ (1) формула боюнча

$b_3 = b_1 q^2$, $b_8 = b_1 q^7$ демек, төмөнкүдөй теңдемелер системасын түзөбүз.

$$\begin{cases} b_1 q^2 = 12a^2 \\ b_1 q^7 = 384a^7, \end{cases} \quad \begin{cases} b_1 = \dfrac{12a^2}{q^2} \\ \dfrac{12a^2}{q^2} q^7 = 384a^7, \end{cases} \quad 12a^2 q^5 = 384a^7,$$

$$q^5 = \frac{384a^7}{12a^2}, \quad q^5 = 32a^5, \quad q^5 = (2a)^5, \quad q = 2a.$$

$b_2 = b_3 : q = 12a^2 : 2a = 6a$, $b_1 = b_2 : q = 6a : 2a = 3$,

$$b_n = 3 \cdot (2a)^{n-1}$$

Жообу: $b_1 = 3, q = 2a$, $b_n = 3 \cdot (2a)^{n-1}$.

59. Удаалаштык n – мүчөсүнүн формуласы аркылуу берилген:

а) $b_n = 2 \cdot 3^n$, б) $b_n = 3^{n-3}$.

Берилген удаалаштыктын геометриялык прогрессия экендигин далилдеп, анын биринчи мүчөсүн жана бөлүмүн тапкыла.

Чыгаруу: а) $b_1 = 2 \cdot 3^1 = 6$, $b_2 = 2 \cdot 3^2 = 2 \cdot 9 = 18$,

$$b_3 = 2 \cdot 3^3 = 2 \cdot 27 = 54$$

6, 18, 54, ... бул удаалаштык $b_1 = 6$, $q = 3$ болгон геометриялык прогрессия болот.

Жообу: $b_1 = 6, q = 3$.

б) $b_1 = 3^{1-3} = 3^{-2} = \frac{1}{3^2} = \frac{1}{9}$, $b_2 = 3^{2-3} = 3^{-1} = \frac{1}{3}$,

$b_3 = 3^{3-3} = 3^0 = 1$.

Берилген удаалаштыктын мүчөлөрү $\frac{1}{9}, \frac{1}{3}, 1, \ldots$ болгон жана $b_1 = \frac{1}{9}$, $q = 3$ болгон геометриялык прогрессия болот.

Жообу: $b_1 = \frac{1}{9}, q = 3$.

60. Эгер: $b_1 \cdot b_5 = 1$ жана $b_3 \cdot b_6 = 8$ болсо, анда геометриялык прогрессиянын биринчи мүчөсүн жана бөлүмүн тапкыла.

Чыгаруу: Маçеленин шарты боюнча $b_1 \cdot b_5 = 1$ жана $b_3 \cdot b_6 = 8$. Буларды негиздеп, төмөнкүдөй теңдемелер системасын түзөбүз.

$$\begin{cases} b_1 \cdot b_5 = 1 \\ b_3 \cdot b_6 = 8, \end{cases} \quad \begin{cases} b_1 \cdot b_1 q^4 = 1 \\ b_1 q^2 \cdot b_1 q^5 = 8, \end{cases} \quad \begin{cases} {b_1}^2 q^4 = 1 \\ {b_1}^2 q^7 = 8, \end{cases} \quad \begin{cases} b_1 = \dfrac{1}{q^2} \\ \left(\dfrac{1}{q^2}\right)^2 q^7 = 8, \end{cases}$$

$q^3 = 8$, $q = 2$. $b_1 = \frac{1}{q^2} = \frac{1}{2^2} = \frac{1}{4}$

Жообу: $b_1 = \frac{1}{4}$, $q = 2$.

61. Геометриялык прогрессияда:

а) Эгер: $b_4 = 2, b_6 = 8$ болсо, 5-мүчөсүн;

б) Эгер: $b_3 = 16, b_5 = 64$ болсо, 4-мүчөсүн тапкыла.

Чыгаруу: а) $b_4 = 2, b_6 = 8$

$b_n^2 = b_{n-1} \cdot b_{n+1}$ формуласынын негизинде

$$b_5^2 = b_4 \cdot b_6 = 2 \cdot 8 = 16 \Rightarrow b_5 = 4$$

Жообу: $b_5 = 4$.

б) $b_3 = 16, b_5 = 64$

$$b_4^2 = b_3 \cdot b_5 = 16 \cdot 64 = 1024 \Rightarrow b_4 = 32$$

Жообу: $b_4 = 32$.

62. Эгер $b_2 = 1$, $b_4 = 9$ болсо, анда геометриялык прогрессиянын алтынчы мүчөсүн тапкыла.

Чыгаруу: $b_n^2 = b_{n-1} \cdot b_{n+1}$ формуласын пайдаланабыз.

$b_3^2 = b_2 \cdot b_4 = 1 \cdot 9 = 9$, $b_3 = 3$ Эми бөлүмү q ну табабыз.

$q = b_3 : b_2 = 3 : 1 = 3 b_1$ ди табабыз $b_1 = \frac{b_2}{q} = \frac{1}{3}$, демек $b_1 = \frac{1}{3}$

$$b_6 = b_1 q^5 = \frac{1}{3} \cdot 3^5 = \frac{1}{3} \cdot 243 = 81$$

Жообу: $b_6 = 81$.

63. $\frac{1}{3}$ жана 27 сандарынын ортосуна геометриялык прогрессиянын удалаш беш мүчөсү келип чыга тургандай 3 санды койгула.

Чыгаруу: Маселенин шарты боюнча

$b_1 = \frac{1}{3}$, $b_5 = 27$.

Бөлүм qну таап алалы. $b_n = b_1 \cdot q^{n-1}$формуласы боюнча $\frac{1}{3}q^4 = 27,\ q^4 = 81,\ q = 3.$

Демек, $b_2 = b_1 \cdot q = \frac{1}{3} \cdot 3 = 1, \quad b_3 = b_1 \cdot q^2 = \frac{1}{3} \cdot 9 = 3,$

$$b_4 = \frac{1}{3} \cdot 3^3 = \frac{1}{3} \cdot 27 = 9$$

Жообу: 1, 3, 9 сандары коюлат.

64. Эгер:

а) $b_1 = \frac{1}{3},\ q = 3,\ n = 7;$ б) $b_1 = 32, q = \frac{1}{2}, n = 6$болсо, анда геометриялык прогрессиянын алгачкы n мүчөсүнүн суммасын тапкыла.

Чыгаруу: а) $S_n = \frac{b_1(q^n-1)}{q-1}$ формуласын пайдаланабыз

$$S_n = \frac{\frac{1}{3}(3^n-1)}{3-1} = \frac{\frac{1}{3}(3^n-1)}{2} = \frac{3^7-1}{6} = \frac{2187-1}{6} = \frac{2186}{6} = 364\frac{1}{3}$$

б) $S_n = \frac{b_1(1-q^n)}{1-q}$формуласын пайдаланабыз

$$S_n = \frac{32\left(1-\left(\frac{1}{2}\right)^n\right)}{1-\frac{1}{2}} = \frac{32\left(1-\left(\frac{1}{2}\right)^n\right)}{\frac{1}{2}} = 64\left(1-\left(\frac{1}{2}\right)^n\right) =$$

$$= 64\left(1-\left(\frac{1}{2}\right)^6\right) = 64\left(1-\frac{1}{64}\right) = 64 \cdot \frac{63}{64} = 63.$$

Жообу: а) $364\frac{1}{3}$; б) 63.

65. Төмөнкү геометриялык прогрессиянын алгачкы n мүчөсүнүн суммасын тапкыла.

а) 4,8,16,..., $n = 7$; б) 243,81,27,..., $n = 6$.

